# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | МАЙ 2014 | №5 (30) чыгарылышы

## Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

**Дүйнөдө ЖӨБдүн өнүгүү тенденциясы**

Европа комиссиясы: башкарууну жакшыртуу жана өнүгүүнүн дагы да натыйжалуу натыйжалары үчүн өнөктөш өлкөлөрдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү зарыл . . . . . . . . . . . 2

**Жергиликтүү кеңештерге партиялык шайлоо: дүйнөлүк практикага сереп**

Кыргызстандагы коркунучтар . . . . . . . . . . 8

Партиялар демократияны күчтөндүрүү үчүн жагымдуу фактор болуп бере алабы?. . . . . . . . . . 9

Шайлоодо кимдин ролу маанилүүрөөк – жарандардынбы же саясий партиялардынбы? . . . . . . . . . . 12

Талапкерлердин тизмеси . . . . . . . . . . 14


Тыянак: партиялык шайлоолорго этияттык менен мамиле жасаш керек!. . . . . . . . . . 18

**Коррупцияга каршы опция**

Коррупцияга карата жийиркенүү мамилесин кантип тарбиялаш керек? . . . . . . . . . . 19

Фактылардагы коррупцияга каршы маалымат өнөктүгү. . . . . . . . . . 25

Келечекте маалыматтык-түшүндүрүү өнөктүктөрүн өткөрүү үчүн мамлекеттик органдардын массалык коммуникацияларды пайдалануусу боюнча сунуштар. . . . . . . . . . 27




Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Техникалык редактор
***Айганыш Качаганова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Анна Шелестова***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

**Европа комиссиясынын Европа парламентине, Кеңешине, Европа социалдык-экономикалык комитетине жана Региондор комитетине кайрылуусу (кыскартылып берилди)**
**Брюссель, 15.05.2013-ж.**

# Европа комиссиясы: башкарууну жакшыртуу жана өнүгүүнүн дагы да натыйжалуу натыйжалары үчүн өнөктөш өлкөлөрдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү зарыл

## 1. Кыскача маалымат

Өнүгүүнүн борборлошкон жана буйрукчул көрсөтмө саясаты жана программалары туруктуу өнүгүү жана жакырчылык менен күрөш көйгөйлөрүн чечүүдө жалгыз-жарым ийгиликке жете албайт. Мамлекеттик жана жеке акторлордун өзгөчө жергиликтүү деңгээлде өз ролу бар. Акыркы жыйырма жылдан бери көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдөгү борбордук өкмөттөр өнүгүү процесстерине карата мамлекеттик саясатты жана жергиликтүү кырдаалга жараша кызмат көрсөтүүнү аныктоо мүмкүнчүлүгүн берүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкарууга[1] ыйгарым укуктарды өткөрүп беришкен.

Анткен менен бул саясий таануу дайыма эле автономиянын жетиштүү деңгээли, дараметти күчтөндүрүү жана каржылык ресурстар менен коштолгон эмес жана көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдүн ишке ашпай калуусуна алып келген. Европа биримдигинин көптөгөн өнөктөш өлкөлөрүндө ЖӨБ органдары аркылуу түз каржылоо мурдагыдай эле мамлекеттик сектордун жана өнүгүү максатындагы эл аралык жардамдардын чыгашаларынын анча деле олуттуу эмес бөлүгүн түзөт.

ЖӨБ органдарынын дараметин өнүктүрүү үчүн бир топ тоскоолдуктарды жеңип өтүү зарыл. Дал ушул максатта Европа комиссиясы өнөктөш өлкөлөрдө өнүгүү жаатындагы тапшырмаларды аткарууда ЖӨБ органдарынын ишинин маанисин кайрадан тастыктап жатат жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн стратегиялык катышууну сунуштоодо[2].

Бул Кайралуу өзүнө *ЕБда[3] өнүгүү боюнча кызматташтыкка жарандык коом уюмдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну тартуу тууралуу Түзүмдөштүрүлгөн диалогду,* ошондой эле *өнүгүү саясатынын таасирин күчөтүү: өзгөрүүлөр үчүн күн тартиби боюнча[4]*. Кайрылу-

[1] Бул Кайрылууда "жергиликтүү өз алдынча башкаруу" термини мамлекеттик мекемелерге тийиштүү болот. Анткени алар борбордук өкмөткө салыштырмалуу деңгээли төмөнүрөөк турган жана жарандарга отчет берүүчү мамлекеттик түзүлүштүн бөлүгү болуп эсептелет. Эрежеге ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары саясий чечимдерди кабыл алчу кеңешүүчү органдан (кеңеш же ассамблея) жана жергиликтүү деңгээлде түз же кыйыр шайланган аткаруучу органдан (мэр же башка кызматтагы адам) турат. Термин өкмөттүн түрдүү деңгээлдерин камтыйт. Мисалы, айылдарды, муниципалитеттерди, райондорду, округдарды, провинцияларды, аймактарды ж.б. Бул кеңири контексттин алкагында ушул Кайрылуу көңүлдү муниципалдык деңгээлге бурат. Ал болсо, эрежеге ылайык, мамлекеттик башкаруунун эң төмөнкү деңгээли болуп эсептелет жана жарандарга баарынан да жакын турат.
[2] Комиссиянын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу: өнүгүү акторлору Кайрылуусуна толуктоо жана анын ырааттуулугу үчүн COM(2008) 626 final (8.10.2008).
URL: http://eur-lex.europa.eu/LexUriServ/LexUriServ.do?uri=COM:2008:0626:FIN:EN:PDF,
Европалык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Хартиясынын тиркемелери менен URL:
https://webgate.ec.europa.eu/fpfis/mwikis/aidco/index.php/European_charter_on_development_cooperation_in_support_of_local_governance_paper_P65.
[3] URL: http://ec.europa.eu/europeaid/who/partners/civil-society/structured-dialogue_en.htm.
[4] COM(2011) 637 final (13.10.2011).

уда көрсөтүлгөн жакырчылыкты кыскартууга жана туруктуу өнүгүүгө карата жаңыланган мамилени жана башка Кеңештин[1] тийиштүү кайрылууларын жана тыянактарын, ошондой эле *"Өнүгүүдөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу"* изилдөө докладынын негизинде кызыкдар тараптар менен өткөрүлгөн консультациялардын жыйынтыктарын камтыйт. Атүгүл Кайрылуу эл аралык жардамды жана Пусанда[2] кабыл алынган *Натыйжалар тууралуу документте* аныкталгандай өнүгүүнүн натыйжалуулук маселелерин көңүлгө алат.

## Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн мааниси

Жарандардын алардын кызыкчылыктарына тиешелүү маселелерде чечим кабыл алуу процессине катышуусу жана отчеттуулук механизмдерине жеткиликтүүлүк туруктуу өнүгүүгө көмөктөшүү жана жакырчылыктын деңгээлин азайтуу үчүн негиз салуучу мааниге ээ. Бул калк жашаган жана иштеген, базалык кызматтар көрсөтүлгөн жана ишканалар жайгашкан жергиликтүү деңгээлде өзгөчө маанилүү. Ошондуктан максаттарды аныктап алуу жана кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү жакшыртууга багытталган чечимдерди аныктоодо чогуу иштешүү үчүн, колдо болгон ресурстарды дагы да чоңураак социалдык биримдик үчүн жана отчеттуулукту күчтөндүрүү, отчеттуулук механизмдерин кошкондо мамлекеттик органдардын ачык-айкындуулугу үчүн жарандар ортого жалпы кызыкчылыктарды коюшат.

Башка мамлекеттик органдарга салыштырмалуу жарандарга дагы да жакыныраак турган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзгөрүүлөрдүн катализатору катары аракеттенүү менен жергиликтүү жамааттардын мобилдешүүсү үчүн жоопкерчилик алышат.Бул дагы да натыйжалуу мамлекеттик башкаруу, жарандык коом уюмдары (ЖКУ) менен кызматташтыкта өнүгүүнүн көбүрөөк баарын камтыган процесстери жана жергиликтүү жамааттардын чукул маселелерин чечүү көз карашынан алып караганда өзгөчө туура. Мындай көйгөйлөр өзүнө социалдык ажырымды, миграцияны, азык-түлүк коопсуздугун, чектелген инфраструктураны, умтулуштуу урбанизацияны, ресурстардын түгөнүшүн, коомдук коопсуздукту жана зордук-зомбулукту, тоо-кен ишмердигинде экологиялык жана социалдык кесепеттерди, адаптацияны жана климаттын өзгөрүүсүнүн жумшарышын, мыйзам үстөмдүүлүгүн жана акыйкаттыкка жеткиликтүүлүктү камтыйт.

Туруктуу өнүгүүгө жана акыйкат натыйжаларга жетүү үчүн жергиликтүү деңгээлде талаптагыдай[3] башкаруу зарыл. Ал өнүгүүнүн бардыгы камтылган, жооп кайтарган жана натыйжалуу процесстери үчүн шарт түзөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун сапаты биринчи кезекте ченемдик-укуктук аспаптар[4] аркылуу жергиликтүү деңгээлде жагымдуу шарттарды түзүү боюнча борбордук өкмөттүн саясий даярдыгына байланыштуу. Ал ченемдик-укуктук аспаптар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бийликти жүзөгө ашырууда автономиядан пайда табууга жана конкреттүү мүмкүнчүлүктөрдү алууга жардам берет. Ошентип жергиликтүү өз алдынча башкаруунун сапаты жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик саясатты кантип ишке ашырганына жана колдо болгон ресурстарды бөлүштүрүү аркылуу башка мамлекеттик мекемелер, жарандар жана жеке сектор менен өз ара аракеттешүү жана саясатты иштеп чыгуунун жергиликтүү процесстеринин негизинде кызмат көрсөтүүсүнө жараша болот.

Жаратылыш байлыктарына бай келген мамлекеттерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кен казуу тармагынын ишинин ыкмалары жана казуучу сектордон түшкөн кирешени жергиликтүү жамаат, борбордук өкмөт жана жеке структуралар аркылуу бөлүштүрүү тууралуу сунуштарын бере алат.

Туруксуз, кризистик жана тобокелчилиги жогору кырдаалдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү туруктуулук стратегияларын башкарып, негизги социалдык кызматтарды көрсөтүү менен калктын аярлуу топторун жана жамаатты коргоо боюнча өзөктүк ролду ойнош керек. Жаратылыш кырсыктары көп болгон райондордо алар өз убагында жооп кайтаруу чараларын башкарууга жана калкка кызмат көрсөтүүгө кошумча кесепеттерди алдын алуу, чыгымдарды азайтуу жана даярдыкты камсыздоо иштеринде чечүүчү мааниге ээ болушат. Атүгүл алар күн мурда эскертүүдө маанилүү роль ойноп, ошону менен талаш-тартыштарды жөнгө салуунун жергиликтүү жана салттуу механизмдеринин жардамы менен зордук-зомбулуктун алгачкы белгилерин жок кылууга көмөктөшөт.

Ошого карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун артыкчылыктарын натыйжалуу жетекчиликтин жоктугу, коррупциянын жогорку деңгээли жана абийирсиз башкаруу, протекционизм жана мыйзамсыз экономика, ошондой эле жагымсыз институционалдык механизмдер, чектелүү каржы ресурстары, административдик дараметтин төмөнкү

[1] COM(2011) 638 final (13.10.2011), COM(2011) 865 final (7.12.2011), COM(2012) 446 final (20.8.2012), COM(2012) 492 final (12.09.2012) and Council Conclusions (15.10.2012), COM(2012) 586 final (3.10.2012), JOIN(2012) 27 final (3.10.2012), COM(2013) 92 (27.2.2013)
[2] URL: www.aideffectiveness.org/busanhlf4/images/stories/hlf4/OUTCOME_DOCUMENT_-_FINAL_EN.pd
[3] Башкаруу эрежелерге, процесстерге жана жүрүм-турумга тийиштүү. Анын жардамы менен бири-бири менен байланышкандардын кызыкчылыктары түзүлөт, ресурстар башкарылат коомдо бийлик мамлекеттик институттар менен жүзөгө ашырылат жана ага бардык тийиштүү субъекттердин катышууга укугу бар. COM (2003) 615 соңку (20.10.2003).
[4] Мисалы, институционалдык механизмдер, бийликти бөлүштүрүү, шайлоо жана партиялык системалар, борборлоштурууну азайтуу жаатында тийиштүү саясат, бюджеттер аралык системалар, мыйзам үстөмдүгүн урматтоо.

деңгээли, пландоонун адекватсыз жол-жоболору жана мамлекеттик каржы менеджменти өңдүү институционалдык механизмдерге байланышкан терс саясий факторлор бузуп коюушу мүмкүн.

Ошентип өлкөдөгү кырдаалга жараша жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик сектордун өнүгүү процесстери менен байланышы дегенде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча аракеттерин жана башкаруунун жергиликтүү структураларын бекемдөө максаты үчүн аракеттер дегенди түшүнсө болот. Бул бир эле учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн да, жарандардын ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту[1], ресурстарды акыйкат бөлүштүрүүнү жана кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү талап кылуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн да фундаменталдык мааниге эле.

## 2. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү дараметин ачуу

Өнөктөш өлкөлөрдө мамлекеттик сектордун колдоосу менен өнүгүүнүн улуттук стратегияларын жана пландарын дагы да натыйжалуу жана таасирдүү иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу максатында жергиликтүү мамлекеттик сектордун маанилүү ролун эсепке алуу зарыл. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көрсөтүлгөн жардам толук укуктуу саясий субъекттер катары өз ыйгарым укуктарын жана демилгелерин жүзөгө ашыруу үчүн мыйзам менен аныкталган институционалдык мандатын аткаруу үчүн алардын дараметин бекемдөөгө багытталыш керек.

Субсидиардык принцибин[2] кармануу менен Европа биримдиги жергиликтүү деңгээлде саясаттын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ачык-айкындуулугунун жана отчеттуулуктун пайдасына чечим кабыл алган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, саясатчылардын жана адамдардын ролун жогорулатууну максат кылган. Балким бул аларга демократиялык катышуунун, акыйкаттыкты, адам укуктарын коргоону, активдүү жарандык турумду, аялдардын жана жаштардын коомдук чөйрөгө катышуусун жана көп тепкичтүү отчеттуулукту арттыруунун эсебинен жергиликтүү өнүктүрүү деңгээлин жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Кызыкдар жактардын өнөктөштүгү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрүнөн, жергиликтүү деңгээлде иштеген башка акторлордон жана жарандардан турган диалог механизмдери жергиликтүү деңгээлде колдоого алыныш керек. Бул көйгөйлөр белгилүү болуп, көңүлгө алынуусу үчүн керектөөлөрдү камсыздоо боюнча тийиштүү борбордук органдар менен диалогго тартуу үчүн зарыл.

Өнүгүүгө карата территориалдык мамиле дал ушул алкактарда колдоого алыныш керек. Аймактын өзгөчөлүктөрүнө жана керектөөлөрүнө ылайык, өнүгүүгө карата территориалдык мамиле мультиактордук жана мультисектордук мамилеге негизделген, төмөндөн жогору карай ыргактуу узак мөөнөттүү процесс катары мүнөздөлөт. Мында артыкчылыктарды аныктоо, пландоо жана өнүгүү стратегиясын жүзөгө ашыруу үчүн түрдүү жергиликтүү мекемелер жана акторлор биргелешип иш алып барат.Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилиги алдында жеке сектор жана жергиликтүү жамаат тарабынан кошумча мүмкүнчүлүктөрдү жана ресурстарды мобилдештирүү, өнүгүүгө территориалдык мамиле жарандардын жашоо сапатынын өзгөрүүсүнө жана бакубаттуулугуна, социалдык-экономикалык өсүш менен социалдык акыйкаттык жана айлана-чөйрөнүн сапаты ортосундагы теңдикти камсыздоого, ошондой эле өзгөчө аярлуу топтордун турмуш деңгээлин жогорулатууга алып келиши мүмкүн. Мындан тышкары мындай мамиле жергиликтүү саясий процесстерди бекемдөөгө ачык-айкындуулукка көмөктөшүп, туруктуу өнүгүүгө жетүүдө прогресске үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү аркылуу өнүгүү процессине тартылуунун деңгээлин жогорулатат.

## 3. Мыкты башкаруу жана жергиликтүү деңгээлде өнүгүүнүн дагы да натыйжалуу жыйынтыктарына жетүү үчүн еб колдоосун түзүү

ЕБ өнөктөш өлкөлөрдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун демократиялык легитимдүү, жоопту жана өкүлчүлүктүү органдарын жана жергиликтүү лидерлерди коргоо боюнча ишти камсыздап бериш керек. Мында өзгөчө басым айылдардагы жана шаарлардагы бийликтин муниципалдык органдарына жасалууга тийиш. Ошондой эле ЕБ регионалдык бийликтер менен координациялоо мүмкүнчүлүктөрүн караштырышы зарыл.

Туруксуз кырдаалдарда ЕБнын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташтыгы бир эле учурда дагы да кеңири мамлекет-

[1] Жергиликтүү жарандык коом уюмдары (ЖКУ) жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик кызматтарды ийкемдүү жана натыйжалуу көрсөтүүгө карата жергиликтүү саясатчылардын жана аткаминерлердин отчеттуулугун камсыздоодо маанилүү роль ойной алат. Мындан тышкары ЖӨБ менен ЖКУ ортосундагы өз ара аракеттешүү саясий процесстер жана өнүгүү процесстери жүзөгө ашырылган башкаруунун жергиликтүү формасын түзүүгө көмөктөшөт.

[2] Субсидиардык принцибине ылайык, функцияларды жана чыгашаларды жөнгө салган мамлекеттик ыйгарым укуктар жарандарга баарынан да жакын турган жана аларды аткарууга жөндөмдүү, ыйгарым укуктуу эң төмөнкү институционалдык же социалдык деңгээлге өткөрүлүп берилиш керек.

тик курулуш процесстери менен өзгөчө актуалдуу. Алар туруксуздуктан туруктуулукка карай жолдо зарыл. Өзгөрүүлөр үчүн күн тартибинде айтылгандай, бул адам укуктары одоно бузулган өлкөлөрдө өзгөчө актуалдуу. Мындай учурларда ЕБ бийликтин борбордук органдары менен кызматташтыкты токтото туруп, жардамды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом уюмдары аркылуу жиберүүнү уланта алат.

Мындан тышкары ЕБ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү саясатты жана пландарды аныктоого жана ишке ашырууга ыйгарым укуктуу болушу үчүн, туруктуу өнүгүү процессине толугу менен катыша алуусу үчүн жагымдуу айлана-чөйрөнү түзүү боюнча өкмөттүн аракеттерин колдош керек. Бийликтин борбордук органдары менен биргеликте ЕБ өзгөчө мүмкүнчүлүктөрү жана ресурстары чектелүү алыскы аймактарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын камсыздоо үчүн дараметти өнүктүрүүгө багытталган ишмердикти инвестициялап, башка жергиликтүү акторлор менен кызматташтыкта өз аймактарын өнүктүрүүнү жетектеш керек.

Функционалдык көз караштан алганда ЕБнын жаңыча мамилеси борборлоштурууну азайтуу реформалары, дараметти өнүктүрүү жана институционалдык өнүктүрүү аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясий, административдик жана каржылык автономиясын активдештирүүгө көмөктөшөт.

### 3.1. Борборлоштурууну азайтуу процесстери

Борборлоштурууну азайтуу мамлекеттик секторду реформалоонун өзгөчө аспектиси болот. Ал өзүнө бир катар саясий ыйгарым укуктарды, анын ичинде кирешелерди мобилдештирүүнү, кызматтарды көрсөтүү боюнча жоопкерчиликти, каржылык, адамдык жана административдик ресурстарды жогорку деңгээлдеги саясий системадан андан төмөнүрөөк турган мамлекеттик бийлик органдарына өткөрүп берүүнү камтыйт.

Борборлоштурууну азайтуу маңызы боюнча мамлекеттин жалпы түзүлүшүнө таасирин тийгизген саясий маселе болуп эсептелет. Ал натыйжалуулукту, теңдикти жана социалдык бириккендикти жогорулатууга багытталган жана суверендүү өлкөдө ашырыла алат. Ошондуктан өнүгүү боюнча өнөктөштөр тарабынан борборлоштурууну азайтууну колдоо ушул процессти ишке ашырууга жана ага көмөктөшүүгө карата саясий эрк болгон же борборлоштурууну азайтуу боюнча реформалар башталып калган учурларда гана каралыш керек. Ошол эле учурда ЕБ өз ишмердигин борборлоштурууу азайган чөйрөдө жүргүзүш керек.

Борборлоштурууну азайтуу процесстеринде ЕБнын колдоосу биринчи кезекте аймактык активдерге карата реформалардын саясий экономиясын түшүнүүгө негизделет. Мындан тышкары борборлоштурууну азайтуу боюнча ЕБнын колдоосу институционалдык өнүгүүдө борборлоштурууну азайтуу үчүн жагымдуу укуктук жана саясий чөйрөнү түзүүгө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз функцияларын мыйзамдарга ылайык аткаруусу үчүн белгилүү бир даражадагы автономияга ээ болуу менен дараметти өнүктүрүүгө топтолуш керек.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары улуттук укуктук актыларга ылайык мамлекеттик каржыны башкарууну жакшыртып, жергиликтүү деңгээлде кирешелерин мобилдештирүүсү үчүн жетиштүү каржылык ресурстарды бөлүү күтүлгөн натыйжалардан болуш керек. ЕБнын параллель жардамы саясий отчеттуулук, ачык-айкындуулук механизмдерин жана муниципалдык саясатка мониторинг жүргүзүү механизмдерин түзүү менен катар борбордук бийликтин дараметин, деконцентрацияланган коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле жергиликтүү саясий жана административдик персоналды бекемдөөгө багытталыш керек.

### 3.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун дараметин жогорулатуу

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын талаптагыдай башкарууга жана мындан улам жергиликтүү деңгээлде өнүгүү жаатында максаттарга жетүүсү үчүн өз салымын кошуу жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында жергиликтүү шайлоо жолу менен келген кызматтык адамдар жана административдик персонал мамлекеттик сектордун ресурстарын башкаруу жана мобилдештирүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуш керек; кирешелерди арттыруу үчүн мамлекеттик каржыны башкара билүүсү зарыл; чыгашаларды билгичтик менен бөлүштүрө алуусу абзел; ачык-айкындуулукту, катышууну жана башка субъекттер менен өз ара аракеттешүүнү камсыздашы керек.

Талаптагыдай жергиликтүү башкаруу үч деңгээлде түптөлөт: жеке, институционалдык жана уюштуруучулук. Жеке деңгээлде саясий дарамет жергиликтүү саясатчылардын жана административдик персоналдын квалификациясына, окутуусуна, мамилесине жараша болот. Институционалдык деңгээлде дарамет персоналдын аракеттерин регламенттештирген структурадан, жумушчу процедуралардан көз каранды. Уюштуруучулук деңгээлде дарамет саясаттан жана укуктук чөйрөдөн, башка акторлор менен мамилелерди жөнгө салган эрежелерден жана практикалардан көз каранды.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин өнүктүрүүнү колдоо узак мөөнөттүү жана керектөөлөр менен шартталган мамиленин лидерликти өнүктүрүүнүн, баары камтылган кызматтарды көрсөтүүнүн жана натыйжалуу каржылык башкарууга басым жасоонун негизинде аныкталат. Мындай мамиле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ишмердигин жүзөгө ашырып жаткан секторлордо дараметин өнүктүрүүнү алга жылдыруусуна көмөктөшөт. Аны менен катар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун улуттук Ассоциацияларынын

жана жетекчилик мектептеринин түз кызматташтыкка катышуу жолу менен – мисалы, борбордук жана жергиликтүү бийликтер ортосунда дагы да адекваттуу байланыштарды түзүү үчүн ири муниципалитеттерден турган жана майдараак муниципалитеттерге техникалык жардам берген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда.

### 3.3. Туруктуу шаардаштыруу

Шаар калкынын саны тез өсүп жатканынан улам *шаардык башкаруу* талаптагыдай жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маанилүү аспекттеринин бири болуп калды. Шаарлардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шаардаштырууга, мисалы, жашоо шарты төмөн, кылмыштуулук гүлдөгөн жана социалдык дисфункция орун алган, талаптагыдай кызмат көрсөтүүлөр жана шарттар түзүлбөгөн мыйзамсыз жаңы конуштарда жашаган жарандардын муктаждыктарына байланышкан көйгөйлөрдү чечүүдө олуттуу роль ойнойт.

2025-жылы дүйнө калкынын болжол менен үчтөн эки бөлүгү өнөктөш өлкөлөрдөгү шаар калкы 95 пайыздык өсүштү түзгөн шаарларда жашайт жана калктын эң жакыр катмарларынын көңүлүн топтойт. Шаардаштыруунун түрдүү себептери бар, анын ичинде чакан шаарларда жана элет аймактарында жашаган адамдардын ири мегаполистерге миграциясы жана элеттен чакан шаарларга миграциясы, ошондой эле борбор шаарлардагы калктын табигый өсүшү.

Өнөктөш өлкөлөр менен кызматташтыкта ЕБ басынтпоону камсыздоо жана тоскоолдуктарды жеңүү үчүн туруктуу стратегияларды алга жылдырууга аракет жасайт. Ал стратегиялар түрдүү топторду ресурстарга жана мүмкүнчүлүктөргө жетүүдөн чыгарат, социалдык интеграцияга, аймактык бириккендикке жана айлана-чөйрөнү коргоого көмөктөшүү үчүн шаардык өнүгүүнү сунуштайт.

Өзгөчө көңүлдү жерге жеткиликтүүлүккө буруш керек. Ал туруктуу шаардык өнүгүүгө өбөлгө түзөт. Шаардаштыруу жердин наркына олуттуу таасир тийгизет. Ошондуктан муниципалдык каржы кызмат көрсөтүүлөрдү жана мекемелерди каржылоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн жердин наркын көтөрүүдөн пайда таба алышына көз салуу зарыл.

Ошону менен катар ЕБ жерлерди, кызмат көрсөтүүлөрдү кеңейтип, шаар четинде жашагандардын жарандыгын камсыздоо менен, жакыр аймактарды бара-бара жакшыртып, формалдаштырып, аларды шаарга кошуу үчүн абаттоого багытталган шаардык программаларды иштеп чыгууну колдош керек. Мындан тышкары ЕБ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жер укуктарын жана кызыкчылыктарын каттоо, шаардын жерлерин натыйжалуу башкаруу (кадастрлар, шаардык менчик регистрлер) жөндөмдүүлүгүн жакшыртууга умтулуш керек. Шаар жерлерин жакшыртуу кыймылсыз мүлк базарларын ачат. Кыймылсыз мүлккө байланышкан бүтүмдөр дагы да ачык-айын болуп, аларга салык салынат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын фискалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн жогорулашы шаардык инфраструктураны өнүктүрүү жана жалпы жашоо сапатын жакшыртуу үчүн өбөлгө болуп берет.

### 3.4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциациялары

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциациялары жергиликтүү деңгээлде талаптагыдай башкарууга жана өнүгүү натыйжаларына жетүүдө маанилүү ролду ойной алат. Алардын негизги функциялары өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: (I) борбордук өкмөт жана башка улуттук кызыкдар жактар менен, ошондой эле эл аралык форумдарда улуттук саясий диалогдо мүчөлөрдүн кызыкчылыктарынын адвокациясы; (II) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дагы да көбүрөөк автономиясын жана ыйгарым укуктарын камсыздоо максатында саясатты децентралдаштыруу үчүн лобби; (III) координация жана мүчөлөр арасында талкуу үчүн аянтча; (IV) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин жогорулатуу максатында тажрыйба жана билим алмашуу; (V) жергиликтүү саясатты жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуу процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш сапатын көзөмөлдөө; (VI) жергиликтүү өнүгүүнүн биргелешкен пландарына көмөктөшүү жана аларды координациялоо.

Көптөгөн өнөктөш өлкөлөрдө Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Ассоциациялары дагы эле чабал. Айрым бир башка өлкөлөрдө эч кандай Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Ассоциациялары деле жок.

Акыркы жыйырма жылдан бери эл аралык Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Ассоциациялары өнүктүрүү жаатында саясатты иштеп чыгууга катышуу жана жергиликтүү деңгээлде эл аралык жардамды көрсөтүү үчүн адвокациялай баштады. Эл аралык Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Ассоциациялары ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкарууда реформанын жана жергиликтүү өнүгүүгө натыйжалуу катышуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында борборлоштурууну азайтуунун маанисин тастыкташты.

## 4. Алга карай жол: колдоонун дагы да натыйжалуу жана ийкемдүү ыкмалары

ЕБ өнөктөш өлкөлөрдө өз колдоосун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Ассоциацияларынын барган сайын артып бараткан ролуна, дараметине жана керектөөлөрүнө адаптациялаш керек.

Жергиликтүү деңгээлде ресурстарга ийкемдүү, ачык-айкын жана экономикалык жактан натыйжалуу жетүүгө көмөктөшө турган каржылоонун инновациялык механизмдерин пайдалануу изилдениш керек. Борборлоштурууну азайтуу процесстерин колдоо контекстинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын институционалдык ишмердигин жыл сайын баалоонун негизинде жергиликтүү кызматтарды көрсөтүүгө багытталган гранттар бериле алат. Ошондой эле ЕБ жарандарга мамлекеттик чыгашалар долбоорлорунун артыкчылыгын аныктоо, талкуулоо жана ал боюнча чечим чыгарууга жол берген демилгелерди колдош керек (мисалы, коомдун катышуусу менен бюджеттөө).

ЕБ бюджеттик колдоо үчүн чараларды колдонот. Аны менен катар кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн секторду реформалоонун Келишимдерин. Бул децентралдаштырылган кызмат көрсөтүүлөр же максаттуу калктын дагы да жеңил жетүүсү үчүн мекемелер болушу мүмкүн. Мисалы, саламаттык сактоо, билим берүү, суу менен камсыздоо, санитария, айыл чарбасы же түздөн-түз борборлоштурууну азайтуу процессинин өзү[1]. Бюджеттик колдоону иштеп чыгууда жана ишке ашырууда ЕБ борбордук, аймактык деңгээлдер менен катар жергиликтүү мамлекеттик деңгээлдерди да эсепке алыш керек. Ишке ашыруу учурунда ЕБ мамлекеттик казына аркылуу жергиликтүү администрациялардын тийиштүү деңгээлдерине өткөрүлүп берилген каржылоонун даражасына мониторинг жүргүзүү системасын колдош керек.

Бул бюджеттер аралык трансферттерди жакшыртууга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын институционалдык дараметин, пландоо жана каржылык менеджмент өңдүү жааттарды процедураларды жана системаларды бекемдөөгө көмөктөшөт, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатат.

Атүгүл ЕБ борборлоштурууну азайтуу жана ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү реформаларын бюджеттик колдоого, бийликтин борбордук органдары менен саясий диалогдо ыктымал көйгөйлөрдү аныктоого багытталган улуттук, субулуттук жана тармактык стратегиялары ортосундагы саясатты, бирин бири толуктагандыкты жана макулдашууну координациялоо маселелерине өзгөчө көңүл бурат.

ЕБ узак мөөнөттүү жана тең институционалдык өнөктөштүктүн негизинде Европага жана өнөктөш өлкөлөргө колдоо көрсөтүүнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда децентралдаштырылган жана чек аралар аралык кызматташтыкты координациялоону уланта бериш керек. ЕБнын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен үчүнчү өлкөлөрдөгү алардын кесиптештеринин ортосунда децентралдаштырылган кызматташтык “тең теңге” принциби боюнча туруктуу окутуу, билимдерди жана көндүмдөрдү өткөрүп берүү жана жергиликтүү деңгээлде коомдук мейкиндикте жергиликтүү акторлордун катышуусун камсыздоо аркылуу өнүгүү боюнча иш-чараларды ишке ашырууга кошумча салым кошо алат.

Көптөгөн европалык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары донор катары чыга баштаганын мойнуна алуу менен, жардамдын жана өнүгүүнүн натыйжалуулук принцибинин негизинде жергиликтүү деңгээлде ушул кызматташтыктын таасирин күчтөндүрүү максатында ЕБ ушул акторлорду дагы да системалык кызматташтыкка тартуу үчүн аракеттерди бириктирүүгө чакырат. Европалык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн тажрыйба жана жакшы практикаларды алмашуу үчүн, ошондой эле аймактар аралык байланыштарды орнотуу үчүн саясий мейкиндикти камсыздаган Региондор комитети бул маселеде өзөктүү ролду ойной алат. Мындан тышкары европалык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандар арасында билим берүүнү өнүктүрүүгө жана маалымдуулуктун деңгээлин жогорулатууга (БӨМДЖ) көмөктөшүүдө да маанилүү ролду ойнош керек. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саясий диалогдо жана улуттук деңгээлде чечимдерди кабыл алууда ролун күчтөндүрүү үчүн мамлекеттик сектордогу реформаларды колдоого даярдык кийинки колдоолор менен макулдашылыш керек. ЕБ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Ассоциацияларынын демилгелерин колдоо үчүн жетиштүү деңгээлде ийкемдүүлүктү камсыздаш керек.

Өнөктөш өлкөлөрдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана алардын Ассоциацияларын улуттук, континенталдык жана эл аралык деңгээлдерде колдоо үчүн ушул Кайрылууда баяндалган принциптерди жайылтуу сунушталат. ЕБ жергиликтүү деңгээлде социалдык-экономикалык пайданы дагы да акыйкат кайра ушул акторлордун укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү маселелери менен өзгөчө кылдат алектениш керек. Бул аракеттер улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде жагымдуу шарттарды алдыга жылдыруу менен, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин бекемдөө менен коштолуш керек.

Эл аралык деңгээлде ЕБ жергиликтүү жана шаардык өнүгүү маселелери тууралуу маалымдуулукту жогорулатууда жана жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына басым жасоо менен эл аралык өнүктүрүүнүн күн тартибин түзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Ассоциациялары ойногон ролго колдоо көрсөтүүнү уланта бериш керек. 2015-жылдан кийинки Өнүгүү күн тартибине жана III Хабитат конференциясын уюштурууга даярдык көрүү максатында эл аралык коомчулук глобалдык жана жергиликтүү көйгөйлөрдү өкмөттүк деңгээлде чечүүгө жардам бере ала турган жоопкерчиликти жана чечимдерди тааныш керек. **M**

[1] Бюджеттик саясат боюнча EuropeAid’s колдонмосу (2012). URL: http://ec.europa.eu/europeaid/how/deliveringaid/budget-support/documents/bs_guidelines-part_ii-programming,design_management_en.pdf.



# Жергиликтүү кеңештерге партиялык шайлоо: дүйнөлүк практикага сереп

**Габриэль Гайе,**
**атайын "Муниципалитет" журналы үчүн**

## Кыргызстандагы коркунучтар

*Учурда ири саясий партиялардын мүчөсү болгон айрым саясатчылар мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгесин көтөрүп чыгууга умтулууда. Ал өзгөртүүлөргө ылайык, ЖӨБ органдары саясий партиялардын сунушу менен гана түзүлө алат.*

Мындай системаны (ЖӨБ органдарын шайлоодо саясий партиялардын монополиясы) ишке ашырууга байланыштуу эки негизги суроо жаралат:

- Биринчиден, бул тартип шаардык кеңештерге шайлоого катышууну же кайсы бир саясий партияга тиешелүүлүгү болбостон эле өз талапкерлигин коюуну каалагандардын укугун чектейт. Сасяий партиялар жергиликтүү деңгээлде колдоону жана ишенимди жоготуп жаткан фактты, калк болсо саясий платформага караганда конкреттүү адамга көбүрөөк ишене турганын эске алганда, бул чоң маселеге

айланып баратат. *(“Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 49-беренеси)*

- Экинчиден, шайлоо өткөндөн кийин саясий партияларга өз тизмесинде талапкерлердин кезектүүлүгүн алмаштырууга уруксат берилген. Ушундан улам шайлоочулар соңунда депутаттын орду кимге берилеринен кабарсыз. Ошондуктан бул системада белгилүү бир деңгээлде күмөн саноонун үлүшү бар. *(“Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 51-беренеси).*

Ушул изилдөө бул маселелерди башка өлкөлөрдүн тажрыйбасынын алкагынан дагы да тереңирээк кароого аракет жасайт.

## Партиялар демократияны күчтөндүрүү үчүн жагымдуу фактор болуп эсептелеби?

Пропорционалдуу шайлоо системасында саясий партиялардын ролу эң эле маанилүү болгону шексиз. Ошондуктан демократиянын мындай системага кызмат өтөөсүнүн адекваттуулугун карардан мурда саясий партияларга тиешелүү айрым бир түшүндүрмөлөрдү карап чыгуу зарыл. Биринчиден, бул алардын кыргызстандык коомчулукта институционалдашуусунун деңгээлине тиешелүү (А), экинчиден, алардын сапатына (Б) карата.

### А. Жакшы уюшулган саясий партиялардын институционалдашуусуна зарылчылык

Көптөгөн саясат таануучулар демократияны күчтөндүрүүгө көмөктөшүү үчүн зарыл болгон партиялык институционалдашуунун маанилүүлүгүн белгилешип, аны өлчөөнүн түрдүү критерийлерин сунушташкан (мисалы: Giovanni Sartori, Samuel P. Huntington, Scott P. Mainwaring ж.б.). Ушул критерийлердин айрымдарына сереп жасап көрүү кызык болмок. “Өнүгүп келаткан демократиялардагы партиялардын жана партиялык системанын институционалдашуусунун мааниси” тууралуу маалымдама документте[1] Natasha M. Ezrow Samuel P. Huntington жана Scott P. Mainwaring’дин аныктамаларынан улам партиянын институционалдашуусун өлчөөнүн алты критерийин сүрөттөйт.

Биринчиси – бул партиялык көз карандысыздык, ал *“тышкы таасирден көз карандысыздыкты билдирет. Партиялар автономиялуу болуш керек* […] *алар тышкы таасирлерден жана башка уюмдардан, физикалык жактардан жана партиялардын чегиндеги социалдык топтордон көз каранды болушу зарыл.*[…] [муну] *өлчөөнүн айрым маанилүү ыкмалары партиядагы жетекчиликте туруксуздук кандай болгону тууралуу сурамжылоону камтыйт. Эгерде партиялардын жетекчилиги алмашпаса – бул партия бийликчил адамдын так эле өзү болуп калганчалык даражада бийлик бир адамдын колунда ушунчалык бекем топтолгонунун көрсөткүчү.* […] *Партиялар*[да] *өз баалуулуктарына ээ болуп, лидерлердин же лидердин тегерегиндеги чакан топтун кызыкчылыктарына баш ийбеш керек”*.

Экинчи критерий – бул ички келишкендик *“партия бирдиктүү уюм катары иш алып барыш керек*, [өзүнүн идеологиялык бейнесине ылайык], *ал партия ичиндеги пикир келишпестиктерге толеранттуу болушу мүмкүн*. […] *Партиялар каттапшай калганда, оңой эле пайда болуп, кайра жок болуп жатса, алар шайлоочуларга ачык-айкын саясий платформаны сунуштай албайт*.

Үчүнчү критерий – бул жамааттагы тамырлар, *“Шайлоочулар партиялар менен күчтүү* [идеологиялык жана программалык] *байланышта болуш керек жана көп учурларда ошол эле партияга добуш бериши керек”.*

Төртүнчү критерий – бул уюмдун деңгээли жана анын татаалдыгы *“ал партия жамаатка маанилүү функцияларды канчалык жакшы беререрин жана камсыздай турганынын көрсөткүчү болуп эсептелет”*. Ички структура так аныкталыш керек жана уюштуруучулук аппарат бардык административдик деңгээлдерде болушу керек. *“Партиялар* [ошондой эле] *көптөгөн функцияларга ээ болуш керек. Партиянын ишмердиги саясий өнөктүккө гана тартылдыбы же партия аны шайлоочуларга жакындатууга жардам берген ишмердикке тартылдыбы? Бул мүчөлүк канчалык күчтүү? Партиянын отуруму канчалык тез өтүп турат?”*

Бешинчи критерий – бул адаптациялана алышы (көнгүчтүгү). *“Шайлоочуларга партияларды баалай алуу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн партиялар узак мөөнөттүү болуш керек. Эгерде ар бир шайлоодо добуш берүүчүлөргө партиялардын жаңы түрү сунушталып жатса, анда аларда партияларды буга чейинки каталар үчүн жазалоо же мурдагы жетишкендиктери үчүн сыйлоо мүмкүнчүлүгү болбой калат*”.

Соңунда алтынчы критерий – бул легитимдүүлүк. *“Партиялар жакшы институционалдашуусу үчүн аларды элита да, жөнөкөй жарандар да легитимдүү деп тааныш керек”*[2].

Демократиялык башкаруу борбору (ДББ) Буркина Фасодогу[3] партиялык система тууралуу өз отчетунда Sartori саясат таануучунун теориясын

[1] Natasha M. Ezrow, The importance of parties and party system institutionlization in nex democracies, «http://www.idcr.org.uk/wp-content/uploads/2010/09/06_11.pdf», p. 5-8.
[2] Natasha M. Ezrow, The importance of parties and party system institutionlization in nex democracies, «http://www.idcr.org.uk/wp-content/uploads/2010/09/06_11.pdf», p. 5-8.
[3] Centre pour la gouvernance démocratique Burkina Faso, Partisetsystème de partispolitiques au Burkina Faso, «http://cgd-igd.org/attachments/article/207/Partis%20politiques%20et%20Système%20de%20partis%20au%20BF.pdf».



көңүлгө алуу менен Буркина Фасодогу саясий партиялардын "институционалдашуусунун даражасын" өлчөөнү максат койгон. Бул теорияга ылайык, демократияны күчтөндүрүү үчүн көбүрөөк жагымдуу болгон партиялык система жогорку институционалдашкан партиялар менен мүнөздөлөт. Бул болсо башка нерселердин катарында бул партиялардын жамаатта жайган тамыры күчтүү жана туруктуу болгонунан, уюштуруучулук жана бириккендик деңгээли жогору болгондон кабар берет[1]. Жамаатта тамырдашуунун даражасын аныктоо үчүн ДББ жогоруда аталган критерийлердин айрымдарын пайдаланат. Ал ошондой эле партиялар канчалык адекваттуу түрдө жамааттагы ар түрдүүлүктү чагылдырарын жана бардык социалдык класстарды жана катмарларды көрсөтөрүн изилдеди. Алардын уюмдарынын адекваттуулугун баалоо үчүн ДББ партиялардын географиялык көрсөтүлүшүн (бардык шайлоо деңгээлдеринде жогору болуш керек болчу), жаңжалдарды чечүү, талапкерлерди жана лидерлерди тандоо үчүн алардын ички механизми ж.б., алардын түзүү жана жок болуу деңгээли, алардын өз программаларындагы ишинде жана чечим кабыл алуу процессиндеги ролу (б.а. партия башкаруу системасына келсе, алар кандай чараларды көрөрүн чагылдырган так программага ээ болуш керек) жана полярдашуу деңгээли (алардын ортосундагы идеологияда орун алган айырмачылыктын болушу)[2].

Ошентип ушул критерийлердин баары партиялардын өздөрү демократияны күчтөндүрүү үчүн жагымдуу фактор болуп эсептелеби же жокпу дегенди аныктоого жардам берет. Институционалдашуунун жогорку деңгээлине жеткенде саясий партиялар шайлоого оң таасирин тийгизе алат. 2001-жылы АКШда шайлоочулардын чечим кабыл алуу мүнөзүнө партиянын тышындагы шайлоолордун натыйжасын изилдөө тууралуу макала[3] жарык көргөн. Небраска штатынын (Небрасканын бир палаталуу мамлекеттик мыйзам чыгаруу органы мамлекеттик, расмий таанылган партиядан тышкаркы жалгыз орган болуп эсептелет) жана Канзастын (партиялык) мыйзамдары менен Шампань менен Урбан шаарларындагы мэр шайлоо ортосунда салыштыруу жасалган. Изилдөө көрсөткөндөй, партияларга тиешелүүлүк жарандарга талапкердин саясатын билүүгө жардам берет. Албетте, көптөгөн жарандар көп деле маалыматка ээ эмес жана анчалык саясатка тартылган эмес жана *«мындай учурда партияларга тиешелүүлүк маанилүү, билим берүүчү маалыматты берет. Алар талапкерлердин саясаты тууралуу бир кыйла так маалыматты жеткирет жана мындай маалыматтын төмөн наркы жана жеткиликтүүлүк шайлоочуларга терең ойлонулган чечимдерди кабыл алууга жардам берет (Aldrich 1995). Башкача айтканда, партиядан тышкаркы шайлоолордо партияга тиешелүүлүгүн чыгарып салып, муну менен шайлоочулар үчүн талапкер тууралуу маалыматтык материалдардын баасын жогорулатуу менен партиядан тышкаркы шайлоолор добуш берүүнү дагы да татаал кылат. Ошондуктан калк тарабынан көзөмөл жүргүзүү үчүн дараметти жоготот»*[4].

*Учурда Кыргызстанда өзгөчө жергиликтүү деңгээлдеги партиялар институционалдашуунун жетиштүү деңгээлине ээ эмес. Партиялардын иде-*

[1] Centre pour la gouvernance démocratique Burkina Faso, Partisetsystème de partispolitiques au Burkina Faso, «http://cgd-igd.org/attachments/article/207/Partis%20politiques%20et%20Système%20de%20partis%20au%20BF.pdf», p. 26.
[2] Centre pour la gouvernance démocratique Burkina Faso, Partisetsystème de partispolitiques au Burkina Faso, «http://cgd-igd.org/attachments/article/207/Partis%20politiques%20et%20Système%20de%20partis%20au%20BF.pdf», p. 31 – 38.
[3] Brian F. Schaffner / Matthew Streb, Matthew / Gerald Wright, Teams without Uniforms: The Nonpartisan Ballot in State and Local Elections, «http://www.niu.edu/streb/articles/Teams.pdf».
[4] Brian F. Schaffner / Matthew Streb, Matthew / Gerald Wright, Teams without Uniforms: The Nonpartisan Ballot in State and Local Elections, «http://www.niu.edu/streb/articles/Teams.pdf».

*ологиялык программалары дайыма эле ачык жана так эмес. Жарандар дайыма эле аларды саясий сахнада оңой далдаштыралбайт. Мисалы, Францияда Front National – бул өтө оңчул партия экенин баары эле билет жана иммиграция өңдүү маселеде алардын негизги идеяларынан кабардар. Атүгүл шайлоочулар партияларга эмес, конкреттүү адамдарга көбүрөөк ишенишет. Анткени аларды жакындан тааныйт, же алардын ишинен, идеяларынан ж.б. кабардар. Өзгөчө чакан шаарларда жана айылдарда алар депутаттарды кайсы партияга тиешелүү болгонуна эмес, жасаган эмгегине жараша баалайт. Жарандарды партия үчүн добуш берүүгө милдеттендирүү – алардын укуктарын чектөө дегенди түшүндүрөт жана бул нерсе мыкты талапкерди тандоого жардам бербейт.*

### B. Партиялардын саны

Көп партиялуу система – бул өзүнчө да, коалицияда да башкаруу структураларында көзөмөлгө ээ болуу дараметине ээ болгон экиден ашуун саясий партия болгон система. *“Бул система канчалык “көбүрөөк” демократияга*[1] *(жарандардын укуктарын жакшыртуу өңдүү) алып келет* - бир партиялык системабы же эки партиялык системабы деген суроо талаштуу болуп эсептелет жана биз азыр аны талкуулабайбыз. Анткен менен саясий партиялардын ролу жарандардын түрдүү кызыкчылыктарын чагылдыруу болгонун эсепке алсак, *“өкүлчүлүк же кызыкчылыктардын топтолушуусу канчалык кеңири болсо, жарандардын салымы да ошончолук көп болот жана мындан улам башкаруу структурасы ошончолук демократиялуу болот*[2]*. Ошондуктан “көп партиялуу системада электорат башка партиялык системага караганда алардын кызыкчылыктары көрсөтүлөт деген мүмкүнчүлүктөрү да көбүрөөк болот*”[3].

Бирок партиялардын өтө эле көп болушу ушул өкүлчүлүктүү максатка канчалык таасирин тийгизиши мүмкүн? Айрым бир авторлор *“пропорционалдуулукка (баланстуулукка) жете албоо* […]*көп сандагы партиялар добуштар үчүн атаандашкан учурда пайда болот жана айрымдары орун алуу үчүн белгиленген босогодон өтө албай калат.* […] *Партиялык тизме боюнча шайлоо өткөргөн бардык эле өлкөлөрдө босого боло бербейт – мисалы, Швецияда, Данияда жана Бельгияда белгиленген босого жок – жана жалпысынан бул өлкөлөрдө жергиликтүү шайлоодо пропорционалдуулук деңгээли бир топ жогору”*[4]*. Анда добуштар убаланып калышы мүмкүн деген тобокелчилик бар.*

*Бул жагынан алганда ДББ Буркина Фасодогу саясий партияларды изилдөөсүндө партиялардын фрагментацияланышы (майдаланышы) тууралуу маселени изилдеди. Аймактык администрация жана борборлоштурууну азайтуу министрлиги жарыялаган документте Буркина Фасодо 137 саясий партия болгону жана саясий партиялардын мынчалык көп санда болушу Буркина Фасонун саясий системасына канчалык чындап таасирин тийгизет деген маселе каралган*[5]*.*

*2007-жылдагы шайлоонун базасында мыйзам чыгаруу органына өткөн шайлоого 126 партиянын 47си гана шайлоого катышканын жана 13ү гана Мамлекеттик жыйналышта орун алганы айтылат*[6]*. Ошондуктан алар Буркинабенин саясий аренасы бир караганда көрүнгөндөй анчалык майдаланган эмес деген тыянакка келишкен. Партиялардын саны көп болгонуна карабастан жарандар алардын айрымдарына гана ишенет. Ошондуктан бул добуштар убаланып кетиши мүмкүн деген маселе жаралбайт*[7]*.*

*Ошого карабастан автор партиялардын көп санда болушу сөзсүз эле добуштардын убаланышына алып келбей турганын мойнуна алды, бирок бул чындап маанилүү болгон партиялардын айырмаланып турушуна таасир тийгизет*[8]*. Албетте, биздин баамыбызда, партиялардын саны жогору болгон шайлоо системасы добуш берүүчүлөрдү чаташтырышы мүмкүн. Өкүлчүлүктүү максаттарга жетүү үчүн көп партиялуу система так идеологиялык турумга ээ партиялардан туруш керек деп көп талашышат. Саясий партиялар өтө көп болгон жамааттарда бул идеологиялык айырмачылык чындыгында болбой да калышы мүмкүн. Эгерде жарандар партиялардын түрдүү саясаты ортосунда айырманы түшүнүүгө жөндөмсүз болсо, алар коргоп чыккан идеяларга жана кызыкчылыктарга ылайык жакшы тандоо жасай алышпайт.*

**Эмесе,** Кыргызстанда саясий партиялардын саны дагы деле өтө көп деп эсептелгендиктен[9] алардын түрдүү платформаларында жана идеоло-

[1] Anastasija Malachova, Does a Multi-party System lead to«more» democracy?, 2012, «http://www.e-ir.info/2012/11/21/does-a-multi-party-system-lead-to-more-democracy/»
[2] Anastasija Malachova, Does a Multi-party System lead to «more» democracy?, 2012, «http://www.e-ir.info/2012/11/21/does-a-multi-party-system-lead-to-more-democracy/»
[3] Anastasija Malachova, Does a Multi-party System lead to «more» democracy?, 2012, «http://www.e-ir.info/2012/11/21/does-a-multi-party-system-lead-to-more-democracy/»
[4] Colin Rallings / Michael Thrasher / Gerry Stoker, Proportional représentation and local government: Lessons from Europe, 2000, p. Vii.
[5] Centre pour la gouvernance démocratique Burkina Faso, Partis et système de partispolitiques au Burkina Faso, «http://cgd-igd.org/attachments/article/207/Partis%20politiques%20et%20Système%20de%20partis%20au%20BF.pdf», p. 27.
[6] Centre pour la gouvernance démocratique Burkina Faso, Partis et système de partispolitiques au Burkina Faso, «http://cgd-igd.org/attachments/article/207/Partis%20politiques%20et%20Système%20de%20partis%20au%20BF.pdf», p. 29.
[7] Centre pour la gouvernance démocratique Burkina Faso, Partis et système de partispolitiques au Burkina Faso, «http://cgd-igd.org/attachments/article/207/Partis%20politiques%20et%20Système%20de%20partis%20au%20BF.pdf», p. 31.
[8] Centre pour la gouvernance démocratique Burkina Faso, Partis et système de partispolitiques au Burkina Faso, «http://cgd-igd.org/attachments/article/207/Partis%20politiques%20et%20Système%20de%20partis%20au%20BF.pdf», p. 30.
[9] КР Юстиция министрлигинин маалыматы боюнча, Кыргызстанда 192 саясий партия катталган.

гияларында (жамааттагы тамыры, бириккендиги), ишенүүсүндө жана колдоосунда (өтө жакшы эмес легитимдүүлүк) ачык-айкындуулук жетишсиз болгондуктан жалгыз гана партиялар монополиялаштырган системаны киргизүүдөн мурда партиялардын өздөрүнө баа берилиш керек.

## Шайлоодо кимдин ролу маанилүүрөөк – жарандардынбы же саясий партиялардынбы?

Конкреттүү аймакта өзгөчөлүү көйгөйлөрдү болтурбоо үчүн шайлоо системасын тандоо кылдаат пландоону талап кылат. Жергиликтүү деңгээлде шайлоодо жеке жоопкерчилик адатта натыйжалуу өз алдынча башкаруу үчүн өзөктүү катары каралат. Конкреттүү адамдын ролу өзгөчө чакан шаарларда жана айылдарда көбүрөөк маанилүү, адамдар саясий платформаларга караганда аларга көбүрөөк ишеним артат. *"Жергиликтүү шайлоо калкка көбүрөөк жакын болгон демократиялык башкаруунун борбордук элементи болуп эсептелет. Жергиликтүү шайлоодо жарандар талапкерди жакындан таанышы мүмкүн, маалымат бере алышат жана суроолорду түз узатат, шайланган кызматтагы адам менен көбүрөөк баарлаша алат"*[1]*. Буга байланыштуу көптөгөн өлкөлөр же муниципалитеттер жергиликтүү деңгээлде көз карандысыз талапкерди чыгарууну туура көрөт.*

*Айрым муниципалитеттер жергиликтүү деңгээлде саясий партияларга такыр эле көмөктөшүүнү каалаган жок жана партиядан тышкаркы шайлоо өткөрүүнү чечти. Партиядан тышкаркы шайлоо – бул "шайлоо бюллетенинде талапкерлердин аты-жөнү партияга тиешелүүлүгү көрсөтүлбөстөн жазылган жана саясий партияларга талапкерлерин шайлануучу кызматтарга көрсөтүүсүнө тыюу салынган жарыш"*[2]*. Экинчи жагынан алып караганда партиялык шайлоо талапкердин саясий дайындалуусун түшүндүрөт. Партиядан тышкаркы шайлоонун жактоочулары бир нече артыкчылыктарга көңүл бурушат. Мисалы, бул бир кыйла алдыңкы ыкма дешет. Анткени партиядан тышкаркы шайлоо "шайлоочуларды талапкерлердин кайсы партияга тиешелүү болгонуна эмес, анын жетишкендиктерин салмактоого түртүп, акыл калчап чечим кабыл алууга шыктандырат"*[3]*. Ошондуктан азчылык партияларынан талапкерлердин жеңип чыгууга көбүрөөк мүмкүнчүлүгү бар*[4]*. Жергиликтүү шайлоого карата "жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши – коомго кызмат көрсөтүү –[…] [бул] идеологиянын предмети болуп эсептелбейт"*[5]*. "Партиялык дебаттар адатта жергиликтүү маанидеги маселелерди бир аз гана тийип өтөт. Анткени көчөлөрдү тазалоонун республикалык же демократиялык ыкмалары жок"*[6]*. Партиялык идеологиялар жана платформалар негизинен мамлекеттик маселелерге тиешелүү, ошондуктан жергиликтүү көйгөйлөргө көңүлдү топтоонун ордуна, шайлоочулар талапкерди улуттук маанидеги маселелер боюнча өзүнүн жарандык турумуна ылайык тандашат*[7]*. Саясий партияны түзүү жергиликтүү деңгээлде демократияны алга жылдыруу үчүн бөлүнгө алып баруучу болушу мүмкүн деген пикир бар. Ошондуктан, мисалы, Канадада калкынын саны 20 000ден ашкан шаарларда пропорционалдык шайлоо системасы жок. Шайлануучу кызмат орундарына талапкерлер жеке жак катары көрсөтүлөт. "Партиялык эмес" жергиликтүү демократиянын артыкчылыктарынын бири – бул ийгиликтүү талапкерлер алар бардык жарандардын атынан сүйлөп жатканын ырастай алышат, түрдүү шаарлардын мэрлери партияга тиешелүү болбостон чогуу иштеше алышат жана эң жакшысы – дарамети жогору талапкер эң көп добуш алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ"*[8]*. АКШда түрдүү штаттар муниципалдык органдар үчүн партиядан тышкаркы шайлоону тандап алышты (мисалы, Небраска, Луизиана)*[9]*. "**Ганада** мыйзамга ылайык, Жыйналыштын үчтөн эки мүчөсү партиядан тышкаркы негизде шайланат, ал эми үчтөн бири дайындалат"*[10]. Кытайда жергиликтүү шайлоонун эки түрү бар: *Биринчиден, кытай жарандары жергиликтүү чогулуштарга (округдун жана шаар-*

[1] Timothy D. Sisk et al, Democracy at the local level – The international IDEA handbook on participation, représentation, conflict management and governance, International IDEA Handbook Serie 4, p. 115
[2] Jeffrey M. Elliot, The state and local government political dictionary, p. 67.
[3] Joseph M. Bessette / John J. Pitney. Jr / Lyle C. Brown / Joyce A. Langenegger / Sonia R. Garcia / Ted A. Lewis / Robert E. Biles, American government and politics: Deliberation, democracy, and citizenship, 2012, p. 331
[4] Carole A. Cassel, The nonpartisan ballot in the United States, in: Bernard Grofman / ArendLijphart (édit.), Electoral laws and their political consequences, New York 2003, p. 234.
[5] Ann Bowman / Richard Kearney, State and local government, 2011, p. 92.
[6] Joseph M. Bessette / John J. Pitney. Jr / Lyle C. Brown / Joyce A. Langenegger / Sonia R. Garcia / Ted A. Lewis / Robert E. Biles, American government and politics: Deliberation, democracy, and citizenship, 2012, p. 331
[7] Amy Kerr Hardin, Dancing with the devil at the masquerade ball. The danger of local non-partisan elections, «http://www.democracy-tree.com/invitation-masquerade-ball-non-partisan-down-ticket-races/»
[8] Timothy D. Sisk et al, Democracy at the local level – The international IDEA handbook on participation, représentation, conflict management and governance, International IDEA Handbook Serie 4, p. 131.
[9] L. Sandy Maisel / Mark D. Brewer, Parties and élections in America: the eletoral process, 6th ed, 2012, p. 374.
[10] Lara Natalini «The rôle of political parties at the Local government level – A reflection on South Africa at the time of the policy process of review on décentralisation», in: Policy Brief, Briefing no 26 june 2010, (http://www.ai.org.za/wp-content/uploads/downloads/2011/11/No-26.-The-Role-of-Political-Parties-at-the-local-government-level.pdf), p.3.




*дын) депутаттарды түздөн-түз шайлайт. Бул жерде жергиликтүү өкүлдөрдү тандоодо формалдуу мыйзамдар иштейт. Бирок мындай шайлоо дээрлик атаандаштыкка негизделбейт. Анткени өкмөт дээрлик бардык талапкерлерди көрсөтөт жана шайлоочуларда альтернатива калбай калат. Экинчиден, түз шайлоо Кытайдын айылдарына жетекчилерди тандоо үчүн* [орун алган]. *Өкмөт көзөмөлдөгөн жергиликтүү чогулуштарга депутаттарды тандоого салыштырмалуу элеттик шайлоо көбүрөөк атаандаштыкка негизделген жана таанылган демократиялык институттарга өсүп жетилүү дарамети жогору"*[1].

Экинчи тарабынан партиялык шайлоонун пайдасына жүйөлөр келтирилүүдө. Мисалы, саясий партиялар жарандарга *"маалымат берет. Алар талапкерлер тууралуу жалпысынан так маалымат берет жана мындай маалыматтын өз наркы төмөн жана жеткиликтүү болушу шайлоочуларга жүйөлүү чечимдерди кабыл алууга жардам берет"*[2]*.* Ошондуктан партияга тиешелүүлүгү болбогондук шайлоочуларды чаташтырат, бул болсо шайлоого катышпагандардын санынын жогору болушуна алып келет. Шайлоочулар өздөрү эч нерсе билбеген талапкер үчүн добуш берүүгө мажбур жана ысымынын, расасынын этникалык тиешелүүлүгү, же талапкердин атактуулугу өңдүү экинчи деңгээлдеги критерийлерден улам тандашы мүмкүн[3]. Көрсө пропорционалдык система сөзсүз эле жаман боло бербейт, саясий партия маалымат алып жүрүүчү болуп, жарандарга жакшы тандоо жасоого жардам берет. Анткен менен, биринчи бөлүктө көрсөтүлгөндөй, мындай оң таасир тийгизүү үчүн партияларга уюштуруу иштеринде белгилүү бир деңгээл талап кылынат. Ал болсо учурда Кыргызстанда аз гана партияда бар.

Радикалдуу карама-каршы системалар ортосунда тандоо жасабаш үчүн көптөгөн өлкөлөр жергиликтүү шайлоодо конкреттүү адамдын ролун

---

[1] Timothy D. Sisk et al, Democracy at the local level – The international IDEA handbook on participation, représentation, conflict management and governance, International IDEA Handbook Serie 4, p. 137.
[2] Brian F. Schaffner / Matthew Streb, Matthew / Gerald Wright, Teams without Uniforms: The Nonpartisan Ballot in State and Local Elections, «http://www.niu.edu/streb/articles/Teams.pdf».
[3] L. Sandy Maisel / Mark D. Brewer, Parties and élections in America: the eletoral process, 6th ed, 2012, p. 374-375.

эсепке алуу менен, бирок саясий партиялардын катышуусуна тыюу салбастан арадагы чечим кабыл алды.Мисалы, Францияда жашоочуларынын саны 1000ден аз муниципалитеттерде шайлоодо талапкерлер тизмелерде жеке болуп катталат. Францияда үч жылдан ашык убакыттан бери жашап келаткан жана өз укуктарынан ажыратылбаган ЕБнын ар бир жараны партиянын мүчөсү болуп-болбогонуна карабастан катталууга укугу бар. Тизмелер толук болбошу мүмкүн, жеке арыздарга уруксат берилген, ошондуктан тизмени толтуруу үчүн башка талапкерлерди издөө зарылчылыгы пайда болбойт. Шайлоочулар тизмени өзгөртө алат (талапкерлерди кошуп же чыгарып салалат). Андан соң добуштар жеке саналат жана көпчүлүк добушту алган талапкерлер жеңип чыгат[1].

Бельгияда жамааттык шайлоо үчүн (коммунаны шайлоо) тизмелердин системасы иштейт. Ал боюнча жеке талапкерлер тизмени берет жана тизме толук болбосо деле болот, ал жалгыз гана талапкерден түзүлсө деле болот. Шайлоочу тизмени тандап алыш керек (жабык система), бирок үч вариантка ээ: ал тизмедеги бир же бир нече талапкер үчүн добуш бере алат, ал бүт тизме үчүн да добуш бере алат, же бош бюллетенди кайтарууга укуктуу[2].

Люксембургда 3000ден ашуун жашоочусу бар коммуналарда жамааттык шайлоо партиялар гана тизмени сунуштай ала турган пропорционалдык система боюнча өтөт. Бирок жашоочуларынын саны 3000ден кем болгон коммуналарда мажоритардык система өкүм сүрөт. Ар бир шайлоочу канча депутат шайланыш керек болсо, ошончо добушка ээ. Көпчүлүк добушка ээ болгон талапкер жеңип чыгат. Бирок калкынын саны 3000ден ашкан коммуналарда деле жеке талапкерлердин ролу өзөктүү болуп эсептелет. Ар бир шайлоочу канча депутат шайланыш керек болсо, ошончолук добушка ээ жана өзүнүн бардык добуштарын партияларга бере алат же өз добушун түрдүү тиземелердеги ар кайсы талапкерлер арасында бөлүштүрүүгө укуктуу. Партиялар алардын кайсы талапкери өтөрүн чечпейт, муну шайлоочулар чечет[3].

Данияда партиялардан тизме бар, бирок ошондой эле жеке талапкерлер да (эгерде алар электораттын арасында жетиштүү сандагы кол топтосо) шайлоого катыша алат. Шайлоочулар партия үчүн же түрдүү партиялардан талапкерлер үчүн добуш бере алат[4].

Испанияда 250дөн ашык жашоочусу бар муниципалитеттерде жыйындардын депутаттары жабык жана бекитилген тизмеге ылайык шайланат. Бул болсо шайлоочулар тизме үчүн добуш берет жана талапкерлердин кезектүүлүгүн өзгөртө албайт дегенди түшүндүрөт. Жашоочулары 250гө жеткен же андан аз болгон муниципалитеттерде депутаттар ачык тизмеге ылайык шайланат. Шайлоочулар талапкерлерди түрдүү тизмелерден тандай алат. Ошондуктан конкреттүү адамдардын тек-жайы чоң мааниге ээ[5].

Биз көптөгөн өлкөлөр саясий партиялардын ролуна караганда жеке адамдардын маанилүү ролун баса белгилөө, өзүнүн жергиликтүү деңгээли үчүн түрдүү шайлоо системаларын кабыл алганын көрө алдык. Бул болсо Кыргызстандагы өзгөчөлүктөргө карабастан жергиликтүү деңгээлде шайлоочулар көбүрөөк жеке адамдарга ишеним артарын, ал эми бул деңгээлде саясий структуралар анчалык деле зарыл болбогондуктан бул жолду көптөр карманарын көрсөтүп турат. Биз ушул пикирди колдойбуз жана жергиликтүү деңгээлде адамдар конкреттүү кишилер үчүн добуш бериши керектигине ишенебиз.

## Талапкерлердин тизмеси

"Партиялык тизмелер системасы" – Европада жергиликтүү деңгээлде шайлоонун эң эле кеңири жайылган түрү жана *“дайыма жогорку пропорционалдык натыйжага жетет”* дегени менен белгилүү[6]. Бирок ушундай бир системанын аракети *“мамлекетте кабыл алынган конкреттүү эрежелерге жана нормаларга”* ылайык өтө эле өзгөрүп турат[7]. Бул бөлүгүндө биздин көңүлүбүздү өзгөчө буруп жаткан системанын эки өзгөчөлүктүү мүнөздөмөсүн карап чыгабыз. Биринчиден, (Кыргызстандын шаарларындагы) партияларга гана талапкерлердин тизмесин берүүгө уруксат берилген (А), экинчиден, шайлоодон кийин партиялардын талапкерлердин кезектүүлүгүн өзгөртүү мүмкүнчүлүгү (Б).

### Талапкерлердин тизмесин берүүдө саясий партиялардын монополиясы

Чындыгында “партиялык тизмелер” менен пропорционалдык система термини тилди туура эмес пайдалануу болуп эсептелет. Анткени шайлоо өткөрүүгө тиешелүү көпчүлүк эл аралык стандарттар саясий партиялар тизмени берип жатканда

[1] http://www.vie-publique.fr/decouverte-institutions/institutions/collectivites-territoriales/democratie-locale/quel-est-mode-scrutin-pour-elections-municipales-communes-moins-3-500-habitants.html
[2] http://www.espace-citoyen.be/article/255-mode-d-emploi-d-une-election/
[3] http://w3.restena.lu/justpaix/sozialwort_dossier/einladung_sozialwort_dossier/Infoblatt_Politik.pdf
[4] Local Government Denmark (LGDK),The Danish Local Government system, 2009, «http://www.kl.dk/ImageVaultFiles/id_38221/cf_202/Background_Paper_-_Local_Government_in_Denmark.PDF», p. 6.
[5] Daniel Martins, Les modes de scrutin des élections locales dans les vingt-septEtats members de l’UnionEuropéenne, in: Revuefrançais de droitconstitutionnel, 2008/2 n°74, p. 271.
[6] Colin Rallings / Michael Thrasher / Gerry Stoker, Proportional représentation and local government: Lessons from Europe, 2000, p. Vii
[7] Colin Rallings / Michael Thrasher / Gerry Stoker, Proportional représentation and local government: Lessons from Europe, 2000.

монополист болбош керек жана көз карандысыз талапкерлердин тизмелери да шайлоого катышыш керек дегенди караштырат[1]. Жарандардын саясий жана мамлекеттик кызматты ээлөө укугу Кыргызстан өзү ратификациялаган көптөгөн эл аралык макулдашуулар менен таанылган. Ошондуктан жергиликтүү шайлоо үчүн мындай система бул стандарттарга карама-каршы келет (1). Партиялык тизмелери менен пропорционалдык системага ээ көпчүлүк өлкөлөрдө теориясында жеке жактарга кызмат орунга талапкерлигин коюуга уруксат берген ички мыйзамдар да бар. Практикада мындай мүмкүнчүлүк көпчүлүк учурда системанын ичинде кабыл алынган деталдуу эрежелерден жана нормалардан көз каранды (2).

## Система Кыргызстан ратификацияланган эл аралык макулдашууларга карама-каршы келет

Кыргызстан ратификациялаган көптөгөн эл аралык макулдашуулар талапкерлерге кызмат орун үчүн партиянын атынан да, жеке жак катары да ат салышууга укук берет.

Айталы, Кыргызстан БУУга мүчө болгон жана муну менен Адам укуктарынын жалпы декларациясына (АУЖД) кошулган, ал эл аралык кадимки укук күчүнө ээ.БУУнун түрдүү макулдашуулары кийинчерээк АУЖД нормаларына негизделип иштелип чыккан[2]. Кыргызстан алардын көпчүлүгүн ратификациялаган, ошондуктан алар боюнча милдеттенмелерди аткарууга тийиш. Аны менен катар бизге маанилүү маалыматты берген Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пакт (ЖСУЭП)[3].

АУЖДнын 21(1)-беренесинде *"ар бир адам түздөн-түз же эркин шайланган өкүлдөр аркылуу өз өлкөсүн башкарууга катышууга укугу бар"* деп айтылат[4]. ЖСУЭПтин 25(b)-беренесинде *"ар бир жаран 2-беренеде айтылган кандайдыр бир дискриминациясыз жана жүйөсүз укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү чектелбестен:* ***b) шайлоочулардын өз эркин билдирүүсүн камсыздаган жашыруун добуш берүүдө жалпы бирдей шайлоо укугунун негизинде ишке ашырылган чыныгы мезгилдик шайлоолордо добуш берүүгө жана шайланууга укуктуу****"*[5]. *"25(b)-беренеде шайланууу укугу тууралуу ченем бар*[…] *Бул жарандар каалаган шайланган органдын мүчөсү болууга субъективдүү укугу бар дегенди түшүндүрбөйт, бул тийиштүү квалификацияга ээ болгон бардык жарандар мыйзамга ылайык талапкер болууга укук гана эмес, ошондой эле мүмкүнчүлүк да алыш керек. Шайлоого катышуу укугу ошондой эле көз карандысыз талапкер болуу укугун таанууну да өзүнө камтыйт. Маңызы боюнча, БУУнун адам укуктары боюнча Кеңешинин чечмелеп берүүсүнө ылайык, "шайлануучу кызматка талапкер болуу укугун жана мүмкүнчүлүгүн натыйжалуу ишке ашыруу добуш берүү укугуна ээ адамдарда талапкерлердин эркин тандоосу бар болгонун кепилдейт". Талапкерлерге башынан эле партияга мүчө болуу, конкреттүү партияда болуу же белгилүү бир саясий көз карашты кармануу талабы коюлбаш керек деген принцип менен бирге саясий сахна атаандаш шайлоо үчүн ачык"*[6].

Ошондой эле *"ЖСУЭПтин 25-беренеси коомдук иштерди жөнгө салат. Ошондуктан катышуу борбордук өкмөткө карата гана эмес, ошону менен бирге башкаруунун регионалдык жана жергиликтүү деңгээли өңдүү башкаруунун башка деңгээлдерине жана формаларына да тиешелүү"* болгонун белгилей кетүү зарыл[7].

Кыргызстан ошондой эле Европадагы коопсуздук жана келишим уюмунун (ЕККУ) мүчөсү. ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ДИАУБ) ЕККУда адам укуктарын жана демократияны жайылтуу үчүн жооптуу. Ал шайлоого байланышкан бардык маселелерде, анын ичинде шайлоого байкоо салуу, техникалык жардам көрсөтүү жана шайлоо мыйзамдарына сереп жасоо өңдүү иштерде борбордук тогоо кызматын аткарат[8]. *"ЕККУнун Адам өлчөө боюнча конференциянын Копенгаген кеңешмесинин документинде (Копенгаген документи) кабыл алынган ЕККУнун принциптеринин 7.5-параграфында төм. каралган: "Элдин эрки өкмөттө (башкарууда) негиз катары кызмат өтөөсү үчүн катышуучу мамлекеттер жарандардын саясий же мамлекеттик орундарга жеке жак катары да, же саясий партиялардын өкүлү же дискриминациясыз уюм катары жетүү аракетин сыйлаш керек"*[9]*.ЕККУнун милдеттенмелерине түшүндүрмө докладда төм. айтылат: "Кызмат орунга ат салышкан талапкерлерге саясий партиянын атынан да, жеке тартипте да өзүн көрсөтүүгө уруксат берилиш керек. Партиялык тизме боюнча добуш берүүгө негизделген пропорционалдык өкүлчүлүктү пайдаланган өлкөлөрдө партияларга тизмеге партиянын мүчөсү болбогон адамдарды кошууга уруксат берилиш керек. Мындан тышкары талап-*

[1] Conseil de l'Europe, Systèmeélectoraux et modes de scrutin au niveau local, «http://books.google.kg/books?id=u0sz0HTgE1UC&pg=PA29&dq=représentation+proportionnelle+listes+de+partis&hl=fr&sa=X&ei=tzRWUrasHumh4gTorYGACg&redir_esc=y#v=onepage&q=représentation %20proportionnelle%20listes%20de%20partis&f=false», p. 30.
[2] European Commission, Compendium of international standards for elections, 2nded, p. 37.
[3] European Commission, Compendium of international standards for elections, 2nded, p. 1.
[4] European Commission, Compendium of international standards for elections, 2nded, p. 5.
[5] European Commission, Compendium of international standards for elections, 2nded, p. 7.
[6] European Commission, Compendium of international standards for elections, 2nded, p. 10.
[7] European Commission, Compendium of international standards for elections, 2nded, p. 8.
[8] European Commission, Compendium of international standards for elections, 2nded, p. 143.
[9] European Commission, Compendium of international standards for elections, 2nded, p. 16-17.

*керлер алар партияга мүчөбү же жокпу деген негизде кысымга алынбаш керек"*[1]. ДИАУБнун укуктук экспертизасынын жетектөөчү принциптери толуктагандай, *"Орунга ат салышкан талапкерлерге партиядан талапкер катары да, жеке тартипте да көрсөтүлүүгө уруксат берилиш керек. Ошондой эле талапкерлер алар партияга мүчө болуп-болбогонуна карабастан кысымга алынбаш керек"*[2].

Соңунда Венеция комиссиясынын шайлоо маселелери боюнча жакшы практикасынын Кодекси 2.3-параграфында *"мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги партиялар жана талапкерлер үчүн бирдей деңгээлде кепилдениш керек"* деп айтылып, түшүндүрмө докладда 2.3-параграф *"мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги партиялар жана талапкерлер ортосунда камсыздалыш керек жана мамлекетти аларга карата калыс болууга, бардыгы үчүн бирдей мыйзамды колдонууга түртүш керек"*дегенди билдире турганы көрсөтүлөт[3]. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасында президенттик жана парламенттик шайлоолор жана жергиликтүү бийлик органдарына шайлоолор тууралуу мыйзам долбоорлору жөнүндө Венеция комиссиясынын жана ДИАУБнун биргелешкен пикири шайлоо тууралуу мыйзам долбоорунун 60-беренесинин 2-пунктун ачык сынга алат. Анткени ал жеке жактарга көз карандысыз талапкер катары кызмат орунга ат салышууга тоскоол болот, бул болсо Копенгаген документине жана ЖСУЭП25-беренесине карама-каршы келет[4].

Улуттук деңгээлде орун алып калган бул система Кыргызстан ратификациялаган эл аралык стандарттарга карама-каршы келет. Адамдарга партияга тиешелүү болбостон шайлануучу орунга ат салышууга тыюу салуу демократия үчүн бут тосуу болуп эсептелет. Жергиликтүү деңгээлде мындай системаны ишке ашыруу жакшы иш боло албайт.

## Суроолорду пайда кылган системаны ишке ашыруу: ишке ашыруунун деталдуу жазылган эрежелеринин мааниси

Партиялык тизмеге негизделген пропорционалдык шайлоо системасын тандап алган көпчүлүк өлкөлөр чындыгында өздөрүнүн ички мыйзамдарына талапкерлерди өзүнчө тизмеде көз карандысыз талапкер катары көрсөтүү укугун камтышты (партияга мүчө болуп-болбогонуна карабастан). Айрым бир гана өлкөлөр кээ бир шайлоолордо талапкерлерди партияга тиешелүү болууга ачык милдеттендирет. Мисалы, Танзанияда, Италияда, Испанияда.

Ошого карабастан теорияда көз карандысыз талапкерлердин тизмеси шайлоого катышууга укуктуу болсо да, айрым бир деталдык ченемдер алардын партиялар колдогон талапкерлер менен атаандашуу мүмкүнчүлүгүн кыйыр түрдө татаалдаштырып коюушу мүмкүн. Мисалы, шайлоону каржылоо тууралуу талап коюулушу мүмкүн. Аны болсо жеке талапкерлер аткара албашы ыктымал. *"Австралияда көз карандысыз* талапкерлер […]*шайлоо боюнча өз чыгашаларына карата каржылык колдоону билдирүүгө укугу жок"*[5]. Каттоо тартиби да татаал болуп, талапкерлерге тоскоолдук жаратышы мүмкүн (мисалы: талапкерди колдоо үчүн өтө көп сандагы кол тамгалар талап кылынат). Айрым өлкөлөрдө колдоого жетүү үчүн талапкерлер алышы керек болгон кол тамгалардын саны өтө эле көп болушу мүмкүн, ошондуктан ал кол тамгаларды партиялардын колдоосуз алуу кыйын. (Мисалы: Алжирде жергиликтүү шайлоо үчүн талапкер шайлоо округундагы шайлоочулардын бери дегенде 5% алыш керек, аз дегенде 150 кол тамга). Ошондой эле тизмелер менен шайлоо системасында көз карандысыз талапкер көп сандагы башка талапкерлер менен тизме түзбөсө эле, анын шайлоого катышуусу татаал болуп калат. Эгерде мындай тизме үчүн белгилүү бир босогодон өтүү талап кылынса, бул иш андан да татаалдашат[6]. (Мисалы, Францияда жашоочулардын саны 1000ден ашкан муниципалитеттерге шайлоо үчүн берилген тизме толук болуш керек. Ошондуктан өзгөчө тизме көп сандагы көз карандысыз адамдарды талап кылса, мындай тизмени партиянын катышуусуз уюштуруу оор болот).

Буга байланыштуу көпчүлүк учурларда көз карандысыз талапкерлер шайлоого катыша аларына карабастан жалпы талаптар саясий партиялар үчүн ылайыкташтырылган жана көз карандысыз адамдар тарабынан атаандаштыкты татаалдаштырат. Биз өзгөчө жергиликтүү деңгээлде саясий партияларга карата Кыргызстандагы кырдаалды эсепке алуу менен талапкерди тандоодо партиялардын монополиясын түзгөн жана шайлоочуларды партия үчүн гана добуш берүүгө мажбурлаган система ылайыктуу болот деп ишенбей турганыбызды айттык. Ошондуктан көз карандысыз талапкерлерге атаандаштык таймашка катышууга уруксат берилиш керек.

---

1 OSCE/ODIHR, Existing commitments for democratic elections in OSCE participating states, 2003, «http://www.osce.org/odihr/elections/13957», p. 63.
2 OSCE/ODIHR, Guidelines for reviewing a legal Framework for elections, 2001, p. 15
3 European commission for democracy through law (Venice Commission), Code of good practice in électoralmatters: guidelines and explanatory report, 2002, «http://www.regjeringen.no/upload/KRD/Kampanjer/valgportal/valgobservatorer/Code_of_good_practice_CDL_AD(2002)023rev_e.pdf», p. 7 and 18.
4 Venice Commission and OSCE/ODIHR, Joint opinion on the draft law on presidential and parliamentary elections, the draft law on elections to local governments and the draft law on the formation of election commissions of the Kyrgyz republic, 2011, p.12
5 ACE project, Independent Candidates, in: ACE project: The electoral knowledge network (http://aceproject.org/), p. «http://aceproject.org/»http://aceproject.org/main/english/pc/pcc02a.htm?set_language=en».
6 ACE project, Independent Candidates, in: ACE project: The electoral knowledge network (http://aceproject.org/), p. «http://aceproject.org/»http://aceproject.org/main/english/pc/pcc02a.htm?set_language=en».




Бирок бул жетишсиз. Эгерде мамлекет көз карандысыз талапкерлерди алга жылдырууну кааласа, ал тиешелүү ченемдерди кабыл алыш керек. Биз жогорудагы бөлүмдө көргөндөй, көптөгөн өлкөлөр жергиликтүү деңгээлде айрым шайлоолор үчүн (мисалы, толтурулбаган тизмелерге уруксат берүү менен, шайлоочуларга түрдүү тизмелерден талапкерлерди тандоого жол ачуу менен, бир нече добуш салуу укугун берүү менен ж.б.) өзүндө ушундай ченемдерди (көз карандысыз талапкерлерди колдоого жардам берген) кабыл алды. Кыргызстан да ушул өңдүү чараларга барыш керек деп ишенебиз.

### Партиялар тарабынан шайлоодон кийинки күнү талапкерлердин кезектүүлүгүн өзгөртүү мүмкүнчүлүгү

Кыргызстандагы учурдагы система саясий партияларга тизмедеги таалпкерлердин кезектүүлүгүн шайлоодон кийинки күнү өзгөртүүгө жол берет. Ошондуктан алар партиянын кайсы мүчөлөрүнө тизмедеги кезегине карабастан мандат берилээрин чече алат.

Биздин баамыбызда, бул акылга сыйбаган ченем. Анткени шайлоочулар алар кайсы талапкерди алга жылдырып жатканынан күмөн санабаш керек. Ушундай сынды Венеция комиссия да, ЕККУ/ДИАУБ да шайлоо тууралуу мыйзам долбооруна карата беришкен жана *“мыйзамга саясий партияларды […] шайлоого чейин өз тизмесинде талапкерлердин кезектүүлүгүн аныктоого жана жарыялоого милдеттендирген өзгөртүүлөрдү киргизүүнү”* сунуштаган[1].

Теориялык жактан алып караганда партиялык тизмелердин базасында пропорционалдык системада шайлоочуларга көбүрөөк же азыраак эркиндик берген үч түрлүү тизме бар.

Биринчиден, жабык жана бекитилген тизмелер: мында шайлоочулар бир партиянын тизмеси үчүн добуш берет жана талапкерлердин кезектүүлүгүн өзгөртүүгө укуксуз. Мындай система Болгарияда, Румынияда, Түркияда, Испанияда (250дөн ашык жашоочулары бар муниципалитеттерде, ошондой эле Франциянын ири муниципалитеттеринде ж.б.) бар. Экинчиден, жабык жана бекитилбеген тизмелер: мында шайлоочулар бир тизме үчүн добуш бериш керек, бирок бул тизмеде талапкерлердин кезектүүлүгүн алмаштырууга укугу бар. Мындай система Австрияда, Бельгияда, Италияда жана Швецияда бар. Үчүнчүдөн, шайлоочуларга түрдүү тизмелерден талапкерлерди тандоо укугун берген

[1] Venice Commission and OSCE/ODIHR, Joint opinion on the draft law on presidential and parliamentary elections, the draft law on elections to local governments and the draft law on the formation of election commissions of the Kyrgyz republic, 2011, p.1.

ачык тизмелер (башка тизмедеги талапкерлердин ысымдары менен алмаштырууга жана толуктоого). Бул өңдүү система Норвегияда жана калкы чакан муниципалитеттер үчүн көпчүлүк өлкөлөрдө кабыл алынган.

Бул категориялар добуш берүүнүн түрдүү системалар сериясына бөлүштүрүлө алат, ошону менен мүмкүнчүлүктөрдүн кеңири спектри сунушталат[1]. Мисалы, Бельгияда шайлоочулар шайланышы керек болгон депутаттардын санына жараша добушка ээ. Тизме жабык, ошондуктан шайлоочулар өзүнүн бардык добушун бир тизме үчүн бериш керек. Бирок ал бардык тизме үчүн добуш берүү жолу менен, же айрым бир талапкерлер үчүн гана, же тизме жана айрым талапкерлер үчүн добуш берүү менен кимдир бирөөлөрдү артык көргөнүн билдире алат. Кипрде тизмелер жабык, бирок шайлоочулар тизмедеги бир же төрт талапкердин арасынан тандай алат. Же алар тизмеден айрым талапкерлерди чыгарып, же алардын тизмедеги кезегин өзгөртө алат[2].

Бирок кандай болгон күндө да атүгүл шайлоочулар үчүн абдан эле чектелген системада да (жабык жана бекитилген тизмелер) талапкерлердин кезеги шайлоочулар добуш бергенге чейин эле белгилүү. Биз партиялар шайлоо өткөндөн кийин тизмени өзгөртүү укугуна ээ болгон бир дагы өлкөнү таба алган жокпуз. Мисалы, Түштүк Африкада шайлоо бюллетенине түрдүү партиялардын аталышы жана лидерлердин сүрөттөрү камтылат, талапкерлердин аты-жөнү көрсөтүлбөйт жана шайлоочулар партияны тандаш керек. Партия кайсы талапкерлер шайлоодон кийин мандат алаарын өздөрү аныкташ керек[3].

Партиялар адатта өздөрү берген тизмеде кезектүүлүк жагынан чектелүү. Ошондуктан бул ченем өзгөртүлүш керек деп эсептейбиз. Шайлоочулар туура чечим жасаш үчүн кайсы талапкерлер мандат аларын билиш керек.

## Тыянак: партиялык шайлоолорго этияттык менен мамиле жасаш керек!

Шайлоо системасын тандаардан мурда карап чыгуу керек болгон бир топ факторлор бар. Мында түрдүү өлкөлөрдүн шайлоо системалары менен салыштыруу көңүлгө алыныш керек болгон элементтердин (география жана мейкиндик, маданий түзүлүштөр, өнүгүү жолу, демография ж.б.) санын эсепке алганда кычыктуу маселе. Тандоо жасалганда деле “системаны ишке ашыруу түрдүү мамлекеттер кабыл алган деталдуу жазылган эрежелерден жана нормалардан көз каранды”[4]. Ошондуктан биз болгон жупунулук менен, бул маселе боюнча көптү билбей турганыбызды баамдоо менен ушундай тыянакка келдик. Эмесе:

1) Партиялык тизмеге негизделген пропорционалдык система бир топ пропорционалдык (бир кылка) натыйжаларга жетет жана репрезентативдүүлүгүн көрсөтөт. Бирок бул демократиялык натыйжа көбүрөөк саясий партиялардын өздөрүнүн ишинен, өзгөчө алардын ички түзүлүшүнөн, айкындуулугунан, каржылоодон жана алардын саясий платформаларынын сапатынан көз каранды. Ошондуктан эгерде саясий партия бул талаптарга жооп бербесе (ишеним, ачык-айкындуулук жетишсиз ж.б.), анда жалгыз гана партиялардын монополиясына негизделген система балким жетиштүү деңгээлде максатка ылайык эместир.

2) Жергиликтүү деңгээл калкка баарынан да жакын демократиялык башкаруу болуп эсептелет жана конкреттүү адамдын ролу маанилүү. Албетте бул деңгээлде өзгөчө чакан шаарларда, айылдарда жана алыскы аймактарда жарандар адатта платформага салыштырмалуу адамга ишеним артышат. Көптөгөн өлкөлөр көз карандысыз талапкерлерге дем берген жана талапкерди тандоо боюнча шайлоочуларга көбүрөөк (жана партияларга азыраак) эркиндик берген шайлоо системасына ээ. Кыргызстанда партиялар жергиликтүү деңгээлде колдоону жана ишенимди жоготуп жатканын эске алганда, партияларга монополияны (талапкерди тандоодо, талапкерлердин кезегин бөлүштүрүүдө ж.б.) сунуштаган система көйгөйлүү болгонуна ишенебиз. Бул шайлоого катышууну каалаган же кайсы бир саясий партияга тиешелүү болбостон өздөрү эле шайлангысы келген жарандардын укуктарын чектөө.


3) Шайлоо процессинин өзүндөгү айрым бир шарттар биз үчүн көйгөйлүү болуп турат. Партиялардын шайлоо өткөндөн кийин талапкерлердин кезегин өзгөртүү укугуна ээ болгону, биздин баамыбызда, шайлоочунун ал ким үчүн добуш берип жатканын билүү укугуна карама-каршы чыгып жатат. Көз карандысыз талапкерлер да кайсы бир партияга мүчө болбостон эле өзүн талапкер көрсөтүүгө жана шайланууга укуктуу болуш керек. Мындан тышкары көз карандысыз талапкерлерди илгерилетүү тартибин татаалдаштырбоо, шайлануу укугу чындап эле ишке ашырылгандай болушу үчүн деталдуу түрдө жазылган ченемдер кабыл алыныш керек. M

[1] Conseil de l’Europe, Systèmeélectoraux et modes de scrutin au niveau local, «http://books.google.kg/books?id=u0sz0HTgE1UC&pg=PA29&dq=représentation+proportionnelle+listes+de+partis&hl=fr&sa=X&ei=tzRWUrasHumh4gTorYGACg&redir_esc=y#v=onepage&q=représentation%20proportionnelle%20listes%20de%20partis&f=false», p. 29-30; Colin Rallings / Michael Thrasher / Gerry Stoker, Proportional représentation and local government: Lessons from Europe, 2000, p. 13.

[2] Conseil de l’Europe, Systèmeélectoraux et modes de scrutin au niveau local, «http://books.google.kg/books?id=u0sz0HTgE1UC&pg=PA29&dq=représentation+proportionnelle+listes+de+partis&hl=fr&sa=X&ei=tzRWUrasHumh4gTorYGACg&redir_esc=y#v=onepage&q=représentation%20proportionnelle%20listes%20de%20partis&f=false», p. 30.

[3] ACE project, Independent Candidates, in: ACE project: The electoral knowledge network (http://aceproject.org/), p. «http://aceproject.org/ace-fr/topics/es/esd/esd02/esd02e/esd02e03».

[4] Colin Rallings / Michael Thrasher / Gerry Stoker, Proportional représentation and local government: Lessons from Europe, 2000, p. vi.



**«Мен жана коррупция» социалдык плакаттар Улуттук сынагынын жыйынтыгы боюнча уюштурулган көргөзмөнүн катышуучусу Дуйшебек Искаковдун плакаты КР Экономика министрлиги, ӨСИ, 2014-ж.**

# Коррупцияга каршы опция

## Коррупцияга карата жийиркенүү мамилесин кантип тарбиялаш керек?

Өнүктүрүү саясат институту Экономика министрлигине коррупцияга каршы үгүттөөлөрдү өткөрүү, коомду коррупциянын булактары жана кесепеттери, коррупцияны алдын алуу жана аны менен күрөшүү аспаптары, жарандардын мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүсүндө укуктары тууралуу маалымдоо аркылуу коомдо коррупцияга карата чыдагыс мамилени калыптандыруу боюнча маалымат өнөктүгүн өткөрүүгө жардам берди. Өнөктүк кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ болду (2014-жылдын февраль айынан июнь айына чейин), ошондуктан башынан эле коомдук пикирди калыптандырууга карата туруктуу натыйжаларга жеткире алмак эмес. Анткен менен бул өнөктүк коомдун коррупцияга карата мамилесин өзгөртүү үчүн коммуникациялык мейкиндикте мамлекеттен кандай чаралар күтүлүп жатканын көрүүгө жол ачты. Өнөктүктүн аткарылышына жасалган анализ жана эксперттер чыгарган тыянактар мамлекетке коомдо коррупцияга карата жийиркенүүнү тарбиялоодо максаттуу саясатты түзүүгө жардам берет. Бул өнөктүктүн баалуулугу – анын чыгармачыл аткаруучулары Лариса Ли, Елена Баялинова, Айбек Баратов өңдүү Кыргызстандагы белгилүү медиа-эксперттер болгонунда.

### Лариса Ли: “Ок куру атылган жок”

*“Долбоордун баштапкы баскычында максатка жетүүдө бир топ күмөн саноолор жана ишенбөөчүлүктөр болду. Турмушубузда коррупциянын белгилерине баш ийбестен гана, чынын айталы, ага көңүп да калган, маал-маалы менен андан пайда да тапкан коомдук пикирди канткенде өзгөртсө болот? Биз президент Атамбаев өзү мойнуна алгандай, системалык мүнөзгө ээ болуп калган коррупция менен натыйжалуу күрөшкө карата күмөн санообузду, атүгүл келекелөөбүздү жашырган да эмеспиз. Баары эле күмөн санайт – журналисттер жана башка чыгармачыл адамдар гана эмес, бизнес өкүлдөрү жана бейөкмөт уюмдар да, атүгүл мамлекет башчы өз катарын коррупциядан тазалоого чакырган аткаминерлердин өздөрү да. Мындан улам долбоор жыйынтыктары алдында ок куру атылбаганын көрө алганыбыз ого бетер жагымдуу болду. Жок дегенде өнөктүк көптөгөн сынчыл көз караштагы адамдарды коррупцияга, анын экономикага, саясатка, социалдык чөйрөгө гана эмес, маданиятка, адеп-ахлакка карата бүлүндүрүүчү таасирине мурда-*

*гыдан да үңүлө кароого түрттү. Өнөктүк өтө чоң көлөмдөгү маалыматтар айтылып, өлкөдөгү кырдаалга анализ жасаганы менен пайдалуу болду. Бардык айып ачууларды жана компроматтарды кантип колдонуу керек, коррупциялык тобокелчиликтер, коркунучтар, схемалар менен баяндамаларда, талкууларда жана өзүнөзү жемелөө аркылуу эмес, иш жүзүндө күрөшүү үчүн жаңы билимдерди кантип пайдаланыш керек – бул башка маселе. Бул суроого жоопту баарыбыз издешибиз керек".*

### Журналисттер менен иш алып баруу

Долбоордогу ири блокту пресс-сессияларды уюштуруу ээледи. Үч айдын ичинде эле ММК үчүн маалымат берүүчү-окутуучу 8 иш-чара өткөрүлдү. Эксперттик жамааттар, бизнес, мамструктуралар, бейөкмөт уюмдар жана "төртүнчү бийлик" – журналисттер ортосунда пикир жана ой-толгоолор менен маалымат алмашуунун, изилдөөлөргө анализ жасоонун формасы катары пресс-сессия өтө натыйжалуу. Мындай аянтча түрдүү чөйрөлөрдө компетенттүү болгон адистерге сөз берип, сындаган тараптан нааразылык болушу ыктымал дегенге карабастан биринчи кезектеги маанилүү маселелерди көтөрөт. Бул тууралуу пресс-сессиялардын аталышы өзү эле айтып турат, алардын баары конкреттүү көйгөйлөрдөн жана тапшырмалардан куралган.

Пресс-сессиялар ММК арасында популярдуу болуп калды. Анткени алар атүгүл каршы тараптан да комментарий алуу, көптөн бери "карматпай" жүргөн аткаминер менен маектешүү мүмкүнчүлүгүн берет. Мындай жолугушуулар маалымат арттыруучу мүнөзгө ээ болуп, көптөгөн жаңы жана пайдалуу маалымат бере алгандыктан да журналисттер үчүн кызыктуу болуп турат. Эрежеге ылайык, аткаминерлер жана эксперттер ушундай жолугушуулардан кийин журналисттерге көбүрөөк ишене баштагандыктан байланышка оңой чыгышат, өз телефон номурларын беришет. Анткени чоо-жайын түшүнүп алмайынча аларды эч ким үстөкөбосток сындап, абийирин ачууга умтулбаганына көздөрү жетет. Биз дайыма пресс-сессияларга көп катышкандарга бул иш-чара пиар, же чуулгандуу окуялар үчүн уюштурулбаганын эскертип келебиз. Алар фактыларга, окуяларга жана анын каармандарына карата анализ жүргүзүп, терең ойлонулган мамиле жасоого арналган. Эмнени жакшыртса болот? Мамлекеттик сатып алуулардагы коррупция темасы ММК тарабынан көбүрөөк кылдат даярдыкты талап кылат. Анткени аткаминерлер жооптон "качып" кетпеши үчүн алар так суроолорду узаткандыы үйрөнүш керек. Сыртка чыгып өткөрүлгөн пресс-сессияларды да журналисттердин убактысын эсепке алуу менен өз учурунда уюштуруш керек. Эксперттерди жергиликтүү материалдарды жана конкреттүү мисалдарды пайдаланууга түртүү зарыл.

**"КРда КОРРУПЦИЯ: биз күрөшүп жатабызбы, же ордубузда эле турабызбы?" пресс-сессиясы.** Бул пресс-сессия маалымат берүүчү-агартуучу мүнөзгө ээ болду. Журналисттер жакындан таанышa келгенде коррупция кубулуш катары эл аралык, континенттер аралык, көп тепкичтүү ж.б. болгонун



баамдашты. Кыргызстанда коррупция системалык көйгөйгө айланды. Аны чечмейинче өлкөнүн мындан кийинки өнүгүүсү мүмкүн эмес. Бул социалдык көрүнүштүн салыштырмасы да көп болгону бекеринен болбосо керек. Коррупцияны муруттары бар спрут балыгына, рактын метастазаларына, коррозияга, чирип бузулуу процессине окшоштурушат. Бул көрүнүшкө кайдыгер мамиле жасаган жерде экономикалык жана саясий гана эмес, моралдык түркүктөрдүн да деградациясы жана бузулуусу башталат. Коррупция эмнеси менен коркунучтуу, ал кандай түрлөргө бөлүнө турганы, өлкөгө кандай зыян тийгизип жатканы тууралуу өз баяндамасында КР Экономика министрлигинин Коррупцияны алдын алуу боюнча саясат бөлүмүнүн башчысы Тилек САЯКБАЕВ айтып берди. Мамструктураларда коррупцияны аныктоо боюнча жарандык коом аткарып жаткан иштер тууралуу Антикоррупциялык ишкерлер кеңешинин башкы катчысы Нурипа МУКАНОВА, эл аралык уюмдардын ролу тууралуу Дүйнөлүк банктын эксперти Эркаим МАМБЕТАЛИЕВА баяндап беришти. Бирок баарынан көп суроолор жана комментарий берүү өтүнүчтөрү экономика министри Темир САРИЕВге жолдонду. Ал аудиториянын көңүлүн дээрлик бир сатка жакын кармап турду. Жогорку даражадагы аткаминерге баа бериш керек, бир дагы курч жана ыңгайсыз суроо жопсуз калган жок.

**"Жарыктын тутулуусу, же Эмне үчүн чукул арада энергетиканы коррупциядан сактап калыш керек?" аттуу пресс-сессия** чындап эле курч жана мындан улам өтө кызыктуу болду. Бул стратегиялык тармак көптөн бери эле өнөкөт ооруга кабылып келатканы баарына белгилүү. Кадимки көрүнүшкө айланып калган жарыкты маал-маалы менен өчүрүүлөр, кымбат баалуу электрониканы талкалап жаткан түйүндөрдө чыңалуудагы секириктер, шамдын күңүрт жарыгы – бул диагнозду ырастайт. Энергетика жана өнөр жай министрлиги станциялардагы жабдуулардын эскилиги жеткенине шилтеме жасап, дартка даба катары тарифтерди жогорулатуу керек деген пикирди карманып келет. Ошентип бир нече жылдан бери бааларды жогорулатуу аркылуу тармакты сактап калуу боюнча өз планын өкмөткө жана парламентке түртүп келатат. Мына ушул көйгөйлөр жана күңүрт схемаларды изилдөөлөр тууралуу,

ошондой эле бул балекет менен күрөштө бийлик көрүп жаткан чаралар жана аракеттер жөнүндө ММК менен Антикоррупциялык саясаттын мамлекеттик стратегияларын ишке ашырууну көзөмөлдөө боюнча Коргоо кеңешинин жумушчу тобунун мүчөсү Алмаз НАСЫРОВ, эксперт Николай КРАВЦОВ жана Антикоррупциялык ишкерлер кеңешинин башчысы Нурипа МУКАНОВА айтып беришти.

**“Коррупциянын метастазалары саламаттык сактоону иритүүдө” деген темада пресс-сессия.** Журналисттер менен бетме-бет жолугушуп, биздин саламаттык сактоо системабыздагы эң курч көйгөйлөрдү талкуулоо ниетин билдирген кийинки министр Саламаттык сактоо министрлигин жетектеген Динара САГЫНБАЕВА болду. Социалдык маанисинен улам бул маанилүү маселеге даярдык дээрлик бир ай жүрдү. Аракеттер текке кеткен жок. Саламаттык сактоо министри өзү бул көйгөйлүү маселени талкуулоого катышуу ниетин билдирди. Саламаттык сактоонун бардык системасы коррупциялык схемалар менен ооруп жатат. Уурдоолор жана кыянаттык менен пайдалануулар бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүдө жана колдонууда, жетекчилерди дайындоодо, лицензияларды берүүдө, мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүдө ж.б. аныкталган. Мына ушулардын баары тууралуу жана кемчиликтер менен кыянат пайдаланууларды жок кылуу үчүн ведомство кабыл алып жаткан чаралар жөнүндө саламаттык сактоо министри Динара САГЫНБАЕВА ачык айтып берди. Өз баяндамасында күңүрт схемалар тууралуу КР Ооруканалар ассоциациясынын төрагасы Кубанычбек ЖЕМУРАТОВ айтып берсе, Саламаттык сактоонун дарылоо-профилактикалык жардамды уюштуруу башкармалыгынын башчысы Анара ЕШХОДЖАЕВА журналисттердин көптөгөн суроолоруна жооп берди. Талкуу жана дискуссия курч гана эмес, ошону менен бирге ачык да болду. ММКнын бир дагы ыңгайсыз суроосу жоопсуз жана биздин эксперттердин комментарийлерсиз калган жок. Баарлашуу жандуу болуп, катышуучулардын ар бири саламаттык сактоонун абалы баарына тиешелүү экенин түшүнүп турганы кубандырат. Демек метастазалар менен күрөшкө аткаминерлер жана коомдук уюмдар гана эмес, журналисттер да аралашыш керек.

**“Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү коррупция же өлкөнүн ресурстары жана активдери кимге иштеп жатат?”аттуу пресс-сессия** журналисттердин үмүттөрүн толугу менен актады. Журналисттер көп кызыктуу маалыматтарды угуп, көптөгөн суроолорго жооп алып, мамлекеттик менчикти менчиктештирүүдө, күмөндүү тендерлерде ж.б. мыйзам бузууларга байланышкан бир топ маалыматка ээ болушту. Антикоррупциялык ишкерлер кеңешинин эксперттеринин баамында, Маммүлк фонду эң эле “ачык эмес” мамлекеттик ведомстволордун бири болуп эсептелет жана мунун натыйжасында Фонддун жаап-жашырганы бар деген тыянак чыгарса болот. Мамлекеттик ишканалардын жана мамлекеттин катышуусу менен акционердик коомдордун ишмердигинин бардык көрсөткүчтөрүнө комплекстүү анализ жүргүзүлгөн эмес, стратегиялык пландоо практикасы жок, башкаруунун так максаттары аныкталган эмес, компаниялардын ишинин натыйжалуулугун баалоонун критерийлери аныкталган эмес, мамлекеттик ишканалардын каржылык-чарбачылык ишмердигине жана алардын мамлекеттик мүлктү натыйжалуу пайдаланууcуна көзөмөл жетиштүү деңгээлде камсыздалган эмес жана башка кемчиликтер. Жогорудагы көйгөйлөрдөн улам КР өкмөтү мамлекеттик менчиктин толук наркы жана көлөмү тууралуу ишенимдүү маалыматка ээ эмес. Статистика, юстиция органдары, мамлекеттик каттоо кызматы берген маалыматтар чачкын, толук эмес жана өлкөдөгү мамлекеттик активдердин абалы тууралуу чыныгы көрүнүштү чагылдырбайт. Антикоррупциялык ишкерлер кеңешинин төрайымы Нурипа МУКАНОВАнын жана көз карандысыз эксперт Иван ДРОБИТЬКОнун баяндамасы мына ушул теманын тегерегинде болду. Баяндамага АИК эксперттери жүргүзгөн ММФдеги коррупциялык схемаларды изилдөө себеп болду. Биздин пресс-сессиядан кийин жарык көргөн жана обого чыккан материалдар ошондон кийин актанууга мажбур болгон айрым бир аткаминерлердин арасында резонанс жаратты. Биз мына ушуга – кыргыз өкмөтүнүн структурасындагы эң жашыруун ведомствонун сырларын ачыкка чыгарууга умтулганбыз.

**«Мамсатып алуулардагы коррупцияны кантип токтотсо болот?» пресс-сессиясы.** Журналисттер бул теманы көптөн бери күтүп келишкен. Анын үстүнө сатып алууларга жана бюджеттик каражаттарды сарптоого байланышкан коррупциялык схемаларды Коргоо кеңеши бардык мамлекеттик структуралардан аныктап чыккан. Баяндамачы жана эксперттер катары Эсеп палатасынын аппарат жетекчиси Самат КЫЛЖИЕВ, бөлүмдүн аналитиги Илим ИСАКОВ чыгышты. Алар менен чогуу ММКнын суроолоруна мамсатып алуулардын усулдар жана анализ бөлүмүнүн жетекчиси Айбек ШАЙБЫЛДАЕВ, ошондой эле Дүйнөлүк банктын эксперти Азамат СЫРГАЕВ жооп беришти. Тема популярдуу болгону менен, иш жүзүндө кабылдоо үчүн татаал болуп чыга келди. Коноктор өтө көп процедуралык учурларга ашкере эле көңүл бурушту, кээде мыйзам бузуулар кантип болорун жана аларды болтурбоо үчүн кандай чаралар көрүлүп жатканын ийне-жибине чейин билүүгө умтулган журналисттердин курч суроолорунан ачык эле качып коюшту.

**«КРда КОРРУПЦИЯ: биз күрөшүп жатабызбы, же ордубузда эле турабызбы? – кырдаалга сереп” пресс-сессиясы. Ош шаары.** Кырдаал тууралуу журналисттерге Дүйнөлүк банктын эксперти Эркаим МАМБЕТАЛИЕВА айтып берди. Мойнубузга алалы, биз Ошко жөнөкөй эмес күнү барып калдык. Дал ошол учурда саясий кырдаал курчуп, оппозиция митингдерге даярданып жаткан. Катышуучулардын саны аз болгонун ушуну менен түшүндүрө алабыз. Бирок катыша алгандардын көңүлү калган жок. Эркаим МАМБЕТАЛИЕВА өлкөдөгү кырдаалды жана коррупциянын деңгээлин азайтуу үчүн баарыбыз көрүшүбүз керек болгон чараларды жалпак тил менен, турмушта кездешчү мисалдарды келтирип сүрөттөп берди.

**“КРда КОРРУПЦИЯ: биз күрөшүп жатабызбы, же ордубузда эле турабызбы? – кырдаалга сереп” пресс-сессиясы. Талас шаары.** Бул жерде гезиттер, ТВ-компаниялар азыраак. Анткен менен

Ошко салыштырмалуу пресс-сессиянын катышуучулары бир топ көп болду. Иш-чарага журналисттер гана эмес, коррупциялык көрүнүштөрдү жана схемаларды изилдөө, аларга мониторинг жүргүзүү менен алектенген жарандык сектордун өкүлдөрү да катышты. Атүгүл облустук администрациянын атынан губернатордун биринчи орун басары Байышбек ЖУМАНАЗАРОВ да облустагы көйгөйлөрдү ачык жана айкын талкуулап алуу ниетин билдирди. Ал жалгыз келген жок. Аны саламаттык сактоо жана билим берүү үчүн жооп берген бир кыйла аткаминерлер коштоп келди. Буга журналисттер өзгөчө кубанды. Анткени облус жетекчилеринен комментарий алуу жана маектешүү чанда болчу көрүнүш. Баяндамачылар Эркаим МАМБЕТАЛИЕВА менен КР Саламаттык сактоо министрлигинин уюштуруу иштери боюнча бөлүм жетекчиси Медербек ИСМАИЛОВ ар бири өз темасы боюнча баяндама жасашты. Алар көптөгөн маселелер боюнча түшүндүрмө беришти. Бирок Жуманазаров башында турган жергиликтүү аткаминерлер журналисттердин чабуулуна көбүрөөк кабылды. Таластык журналисттер курч көйгөйлөрдү эрктүүлүк менен көтөрүп чыгышты. Атүгүл айрым бир учурларда адаттагыдан айырмаланып бул жолу баарлашуу үчүн ачык болгон аткаминерлерди актанууга мажбурлашты. Бир сөз менен айтканда пресс-сессия ойдогудай өттү, талкуу кандай болуш керек болсо, ошондой болду.

**“Кымбат – дайыма эле сапаттуу эмес, же кантип билим берүү чөйрөсүндөгү коррупция бардык системанын кунарсыздануусуна алып келди?” пресс-сессиясы.** Президент Алмазбек АТАМБАЕВ жогорку билим берүү системасын оптималдаштыруу боюнча эксперттик жамааттын сунушун жактырды. Өз чечимин ал «Кыргызстандын келечегинин кызыкчылыктары билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатты түп-тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылып жатканы, ал өлкөгө зарыл болгон адистерди чындап сапаттуу даярдоону камсыздоону максат кылышы керектиги менен» түшүндүрдү. Билим берүү системасынын абалына жасалган анализ көрсөткөндөй, акча максатсыз сарпталып жатат, же болбосо жөн гана уурдалууда. Паралардын суммасы жана коррупциялык схемалар ЖОЖдордо гана эмес, мектептерде жана мектепке чейинки мекемелерде да орун алган. Бейформал төлөмдөр кыргызстандыктарды бала бакчалардан тарта ЖОЖго өтүү үчүн бүтүрүүчү сынактарга чейин, айрым бир учурларда кандидаттык же доктордук даражаны коргоого чейин коштоп жүрөт. Ошентип коомдо «акчанын жардамы менен баарын сатып алып, бардык маселелерди чечүүгө болот»деген пикир калыптанып калган. Биздин аянтчага коррупциялык схемалар тууралуу баяндама менен Коргоо кеңешинин Жумушчу тобунун мүчөсү Алмаз НАСЫРОВ чыкты. Бул ачык жана баары үчүн түшүнүктүү баяндама болду. Ушул схемаларды аныктоого оппонент катары эмес, адис катары катышкан билим берүү жана илим министринин орун басары Догдургүл КЕНДИРБАЕВА да келди. Ал бүгүнкү күндө туш тараптан сындалып жаткан билим берүү системасындагы бардык көйгөйлөр жана кемчиликтер үчүн жооп берүүгө мажбур болду. Убакытка жараша биз бала бакчалардын көйгөйлөрүн, мектептердеги жана жогорку окуу жайларындагы паракорчулукту, дипломдордун жана кандидаттык даражалардын девальвациясы ж.б. маселелерди талкуулап алганга жетиштик. Баары үчүн зарыл болгон баарлашуу болду. Эми чара көрүү гана калды.

### Елена Баялинова:«ММК-аудитория менен баарлашуунун ийгиликтүү формалары табылды»

*Көптөгөн пресс-сессиялар жана ММК аркылуу өлкө жарандарынын көйгөйлөрүнө кошумча көңүл бурулуп, коррупциянын өзү жана ага каршы туруу усулдары тууралуу аларга кошумча билим берилди. “Коррупция” деген сөздүн өзү мурда болуп көрбөгөндөй тешилип, тозгон кырдаалда аудитория менен баарлашуунун жаңы формалары табылды. Менин баамымда, бул формалар – мамлекеттик органдардын жетекчилери ММК өкүлдөрү менен ачык диалог жүргүзүп, алар менен маалымат бөлүшө ала турган пресс-сессиялардын алкагында таза, айкын талкуу. Пресс-сессиялардын ачык чырайы менен өткөн маанайы буга чейин жабык деп эсептелген маселелерди камтыганга жол ачты. Пресс-сессиялар Бишкекте гана эмес, аймактарда да өткөрүлгөнү жакшы болду. Бул маалыматтын бардык өлкөнүн масштабында жайылуу алкагын кеңейтти. Мындан тышкары көп сандагы журналисттерди, ошондой эле мамлекеттик органдардын жетекчилерин пресс-сессияларга катышууга тартуу мүмкүн болду. Бул болсо иш-чаранын маанисин жогорку деңгээлге көтөрө алды.*

Коррупцияга каршы туруу боюнча пресс-сессияларды улантуу жана аларды республиканын калган облустарында да өлкөнүн турмуш тиричилиги үчүн маанилүү тармактары боюнча өткөрүү зарыл. Балким бул өңдүү талкууларды көптөгөн коомдук бирикмелердин, бейөкмөт уюмдардын ж.б. чөйрөсүндө өткөрүү керектир. Анткени дал ошолор “тынч жатпай”, элге маалымат жеткирип бере алышат. Мындай жолугушуулар эмоционалдуу болуш керек, ал жерде видеопродукцияны көрсөтүп, аны чогуу талкуулап, социалдык плакаттарды тартууласа болот, талкуулардын убактысын да узартуу зарыл.

### Маркетинг эмнеге мүдүрүлүп жатат?

Көпчүлүк маалымат өнөктүктөрдүн кедергиси – телевидение жана видеонун катары. Ушул өнөктүктүн алкагында рейтинги жогору жыштыктарда – КТРКнын “Биринчи радиосунда”, “Кыргызстан обондорунда” жана “Ретро ФМде” үч сааттык интерактивдүү радио берүүлөр өттү. Ошондой эле КТРКда жана НБТда төрт телевизиондук интерактивдүү эфир болду. НБТдагысы ток-шоу форматында өттү. Ушул иштердин жыйынтыгы боюнча республиканын жарандарын баарынан да тиричилик коррупциянын жайылышы тынчсыздандырып жатканы көрүнүп турду. Анткени эксперттер дал ошол суроолорго көбүрөөк жооп берип жатышты. Буга байланыштуу ар бир ушундай жооп жаран үчүн аны коррупцияга байланышкан жана чечилбей жаткан көйгөйлөрдүн лабиринтинен алып чыга

турган жол көрсөткүч болуш керектигин эске алуу зарыл.

Коррупцияны алдын алуу боюнча видео тасмаларды жаратуу боюнча сценарийлерди жана тапшырыкты аткаруучуларды тандоо жүйөлүү себептер менен узарып кетти. Балким бул электрондук ММКдагы эң эле чыгармачыл жана жоопту бөлүгү. Обого чыгаруу үчүн даярдалган видеопродукция курч, кыска, оңой эсте калаарлык жана бир көргөндө таанылгандай болуш керек. Ушул максатка жетүү үчүн тандоо өтө кылдат жана тууралаган болушу абзел. Жаш жана чыгармачыл продакшнадистердин пикирине кулак салуу менен, көрүүчүнү кандайдыр бир ойго салуу, андан соң коррупцияга каршы аракеттерге түртүү үчүн тасмалардын бирин вирустук кылып даярдоо тууралуу туура чечим кабыл алынды. Бул максатыбыз ишке ашып, “вирус” баарын ойго салып, коррупцияга бөгөт коюу маанайын жуктурат деп үмүт артабыз.


Коррупцияга каршы туруу темасы ММКда улантылыш керек. Биздин жарандардын көздөрүнө жана кулактарына маалымат агымы үзгүлтүксүз жетип туруш керек.

## Теманын визуализациясы: плакаттардын сынагы

Плакаттардын сынагы биз жүргүзгөн өнөктүктүн эң жаркын барагы болуп, чоң эмоционалдык




**«Мен жана коррупция» социалдык плакаттар Улуттук сынагынын жыйынтыгы боюнча уюштурулган көргөзмөнүн катышуучусу Алишер Джанузаковдун плакаты КР Экономика министрлиги, ӨСИ, 2014-ж.**



жана тарбия берүүчү натыйжага жеткирди. Баары болуп сынакка Кыргыз Республикасынын бардык аймактарынан 130 кесипкөй сүрөтчүлөрдөн, үйрөнчүктөрдөн, балдардан 282 иш түштү. Мындай активдүү катышуу жарандар коррупция тууралуу кандай ойдо болгонун көрүүгө жардам берди. Авторлордун активдүүлүгү сүрөтчү-плакатчылар үчүн Бишкек, Каракол жана Жалал-Абад шаарларында көрсөтмө берүүчү семинарлар уюштурулганы менен шартталды. Семинарга катышкандардын жалпы саны 60ка жакын адамды түздү. Көрсөтмө берүүчү семинарлар сүрөтчүлөргө коррупция темасына “сүңгүп кирүүгө” жардам берип, бул көрүнүштүн зыяны жана коркунучу эмнеде камтылганы тууралуу багыт берди. Көрсөтмө берүүчү семинарлар сынак тууралуу маалымдоонун жакшы ыкмасы катары да кызмат өтөдү.

Сынактык комиссия долбоордун байге фондунун алкагында жеңүүчүлөрдү тандап алды. Бирок иштердин жогорку деңгээлде жасалганын жана көп санда болгонун эсепке алуу менен уюштуруучулар кошумча байгелерди белгиледи.

Ошондой эле уюштуруучулар Г. Айтиев ат. Улуттук искусство музейинде плакаттардын көргөзмөсүн уюштуруу чечимин кабыл алышты. Анын ачылышы 30-майда болуп, ага министр Т. Сариев жана Дүйнөлүк банктын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн башчысы А. Кремер катышты. Андан кийин музей өзү көргөзмөнү июлдун аягына чейин узартуу чечимин кабыл алды. Ал эми Өнүктүрүү саясат институту көргөзмөнү Ош шаарында өткөрүүнү пландап жатат.



Жалпысынан плакаттар сынагы өнөктүктүн авторлорунун ийгиликтүү чечими болуп калды. Плакаттын тили – бул коомдук балекет тууралуу баарлашуу үчүн эң түшүнүктүү жана жеткиликтүү тилдердин бири болуп саналат. Сынак коомдо коррупцияга ка-



рата жалпы мамилени да, ошол эле кезде конкреттүү ооруга чалдыккан жерлерди да аныктоого, ошондой эле КРдагы коррупциялык процесстерди адамдар кантип элестете турганын билүүгө жол ачты.

### Интернетте илгерилетүү

**Ведомстволордо өнөктүктү интернетте илгерилетүү боюнча тренинг-семинар.** Тренингге Кыргыз Республикасындагы 22 министрликтен жана ведомстводон 22 өкүл катышты. Иш-чара маанилүү болчу, бирок анын натыйжалуулугу катышуучуларды тандап алуу усулуна таасирин тийгизди. Өзү иштеген жерде коррупциянын деңгээлин көзөмөлдөө анын милдетине кирген ведомстволордун өкүлдөрүнүн (мындайча айтканда комплаенс-офицерлер) – тренингдин негизги катышуучуларынын – мындай ишти аткарууда кызыгуусу төмөн болду. Алардын негизги дооматтары төмөнкүлөр: биринчиден, алардын кызмат орду интернетте жарандар менен автономдуу, көз карандысыз жана ачык диалог жүргүзүүгө жол бербейт; экинчиден, комплаенс-офицерлердин арасында улуу муундун бир топ өкүлдөрү бар, алар интернет түйүнүндө иштөөдө психологиялык кыйынчылыктарга дуушар болот. Анткен менен бардык катышуучулар тренер Айбек Баратовдун жогорку кесипкөй сапаттарын белгилешти. Айбек аудиторияны кармаганды билет, ал бир күндүн ичинде аткаминерлерге көп нерсени үйрөттү. Жалпысынан тренинг оң натыйжа алып келди. Анткени анын катышуучуларына жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү берип, контент жана аудитория менен иштөөнү үйрөттү. Тренингдин алкагында катышуучулар орус тилдүү платформаларга салыштырмалуу Facebook жана Twitter социалдык түйүндөрүн пайдалануунун негиздерин үйрөнүштү. Тренингдин катышуучулары – комплаенстер – баарлашуу жана маалымат алмашуу үчүн социалдык түйүндөрдүн биринде аянтчаларды түзүп, аны менен иштөөнүн көндүмдөрүнө ээ болушту. Тренингдин катышуучулары биргелешкен документтерди түзүү жана маалымат менен тез алмашуунун аспаптары тууралуу билимге жана көндүмдөргө ээ болушту.

Тренердин өзү – Баратов Айбек, Кыргызстанда белгилүү блоггер жана МАИдеги коррупция менен күрөшкөн активист, өткөн тренинг боюнча төмөнкүдөй тыянак жасады: “Бул тренинг бардык катышуучуларга базалык билимге жана көндүмдөргө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берди, ар бири кандай болгон күндө да жаңы бир нерсени үйрөнүп, мындан пайда көрдү. Айрым катышуучулар ушундай тренингди өткөргөнүбүз үчүн ыраазычылыгын билдирди. Анткени алар чындап эле көп нерсени үйрөнүп, алардын кийинки ишине таасирин тийгизчү баалуу кеңештерди алышты”. Ошону менен бирге тренер комплаенс-офицерлер менен мындан ары иш алып барууда эсепке алуу керек болгон бир катар тыянактарды да жасады.

- Тренингдин катышуучуларынын чоң бөлүгү тема менен тааныш эмес жана эмне жөнүндө сөз болуп жатканын түшүнгөн жок. Алар обочодо калып, кызыгуусу жок болгону сезилип турду.
- Катышуучулардын негизги массасын тренингге жетекчилик жиберген. Мындай тренингдерге кызыккан, күн мурдатан эмне жөнүндө сөз болоорунан кабары бар, талкууга активдүү катышкан адамдар келиш керек.
- Улуу муун (тилекке каршы) окутууну, анын үстүнө өздөрүнөн бир топ жаш болгон тренерди кабыл албайт. Бул жеке пикир.
- Келечекте мамлекеттик структураларда сурамжылоо жүргүзүп, тренингге катышууга сынак жолу менен тандап алуу предметине жөнөтмө жасаш керек. Көбүрөөк кызыкдар жана активдүү аудиторияны топтоо зарыл.
- Кызыкдар эмес, же жетекчиликтин каалоосу (талабы) боюнча катышкандардын тренингге катышуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу керек.
- Ушул өңдүү окутуучу иш-чараларга системалык мүнөз берүү керек. Бир тренинг үстүрт жана базалык гана билим берет.
- Кийин катышуучулар менен жолугушуп, алардын суроолоруна жооп берип, социалдык медианы пайдалануу боюнча ишмердигин талкуулоо керек.

**Өзүнөн өзү кайра өндүрүлгөн контент.** Айбек Баратов долбоордун тапшырыгы боюнча “Өз укуктарыңды кантип коргоп, интернет түйүнүн пайдалануу менен аткаминерлердин жүрүм-турумундагы коррупциялык көрүнүштөр тууралуу кантип жар салса болот” аттуу колдонмону иштеп чыкты (Интернетте жарандардын жүрүм-турумундагы антикоррупциялык стереотиптерди түзүү жана илгерилетүүнүн (өзүнөн өзү кайра өндүрүлгөн контент) алгоритми катары). Бул колдонмонун өзгөчөлүктөрү:

- Мамлекеттик жол инспекциясы менен антикоррупциялык күрөштүн чыныгы мисалына негизделген.
- Интернетте антикоррупциялык аянтчаларды түзүүнүн жана илгерилетүүнүн сунуштарын жана кадам-кадам алгоритмин камтыйт.
- Коррупцияланган адамдарга жана аткаминерлерге жолуккан кезде өзүңдү кантип алып жүрүү керектиги, мамлекеттик кызматчы тарабынан опузалоо жана коррупциялык көрүнүш фактыларын кантип туура белгилеп, аны натыйжалуу жарыялаш керектиги тууралуу нускаманы жана эрежелер жыйнагын камтыйт.

## Фактылардагы коррупцияга каршы маалымат өнөктүгү

- Коррупциялык тобокелчиликтер тууралуу калкка маалымат берүү жана жарандарда коррупцияга карата чыдагыс мамилени, айыптоону калыптандыруу.

– *Массалык маалымат каражаттары аркылуу калкка коррупцияга жана анын адамга тийгизген терс таасирине карата формасы жана мазмуну боюнча түрдүү*

*570ке жакын маалымат жолдонгон. Калкты агартуу үчүн 10го жакын каналдар тартылган (басма, эфирдик жана интернет массалык маалымат коммуникациялары). Өнөктүктүн алкагында түзүлгөн коррупцияга каршы* https://www.facebook.com/CorruptionKG *интерактивдүү аянтча бул темага карата болжол менен 45 миң жарандын көңүлүн бурган. Бүгүнкү күндө ага 877 адам жазылган. Долбоордун иш-чаралары (семинарлар, пресс-сессиялар, көрсөтмө берүүчү сессиялар, электрондук жолдонмолор) менен 700гө жакын жаран камтылган. Тапшырма аткарылды.*

- Жарандык коомду коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча ишке кеңири тартуу; жарандык активисттерге коррупция менен күрөш мүмкүн деген ишенимди берүү.
  - *Өнөктүктүн алкагында антикоррупциялык контентти жаратууга бери дегенде 16 көз карандысыз эксперт жана жарандык коомдун өкүлдөрү тартылды. Алар Консультант сунуштаган коммуникациялык аянтчалар (пресс-сессиялар) аркылуу мамлекетке жана анын антикоррупциялык саясатына таасир этүүнүн кошумча мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушту. Алардын кыйыр түрдө катышуусунун ийгилиги төм. менен тастыкталууда: долбоордун коммуникациялык иш-чараларына биринчи жолу катышкандан кийин айрым эксперттер кайрадан Консультантка кайрылып, ММК менен иштешүүнүн кошумча мүмкүнчүлүктөрүн берүүнү өтүнүштү. Алмаз Насыров, эксперт: "ММК менен баарлашуунун, маанилүү темаларды талкуулоонун формасы катары пресс-сессиялар өтө ыңгайлуу. Алар демократиялык, ачык жана жеткиликтүү. Бизде бейөкмөт уюмдар, мамструктуралар, донорлор ар кайсы көйгөйлөр жана аспекттер боюнча түрдүү тармактарда өткөргөн ар кандай изилдөөлөр көп. Алар тууралуу пресс-сессиялардын аудиториясы менен сүйлөшүү абдан ыңгайлуу. Бул жакка адамдар кокустан эле келип калбайт". Тапшырма аткарылды.*
- Коррупцияны алдын алуу көйгөйүнө карата коомдук кызыгууну көтөрүп чыгуу, ошондой эле бул кызыгууну андан ары да сактап калуу.
  - *Өнөктүктүн алкагында түзүлгөн коррупцияга каршы* https://www.facebook.com/CorruptionKG *интерактивдүү аянтчакоомдук кызыгууну күчтөндүрүүгө көмөктөштү. Муну аянтчага баш баккандар тууралуу маалыматтар жана ресурстагы билдирүүлөргө карата катышуучулардын пикирлери тастыктап турат: бул баракчада 45 миң контакт бар.* Asanaliev Adilet: «*Мыкты болуптур! Мындай идея ушинтип уланат деп ойлогон эмесмин" "Силер мыктысыңар! Калыбыңардан жазбагыла"* Denis Berdakov: "Укмуш! Азаматтар" Talaigul Shadykanova: "Абдан туура. Эгерде мен таза болсом, сен таза болсоң, анда коом да таза болот" *(И. Раззаков). Тапшырма аткарылды.*




- Мамлекеттик органдар жана жарандык коом жүзөгө ашырган антикоррупциялык чаралардын төмөн натыйжалуулугуна карата калыптанып калган стереотиптерди бузуу.
  - *Антикоррупциялык контентти жаратуу боюнча ишке мамлекеттик органдардын бери дегенде 11 өкүлү, анын ичинде министрлер, ведомство башчылары өңдүү жогорку кызматтарды ээлеген адамдар тартылды. Алар ММКга жана коомго мамлекеттик органдардын коррупциялык жүрүм-турум көрүнүштөрү менен күрөштүн жана коррупция үчүн жагымдуу чөйрө түзүп жаткан шарттарды бузуунун натыйжалары тууралуу айтып беришти. Анткен менен бул тапшырма жарым-жартылай гана аткарылды. Аны толугу менен аткаруу коррупция менен күрөштүн алкагында мамлекет кандай чыныгы кадамдарды көрсөтүүгө даяр болгонунан көз каранды.*
- Антикоррупциялык чаралардын мыкты практикасын жана антикоррупциялык жүрүм-турумдун мисалдарын максаттуу топтордун арасында жайылтуу. ММК жана жарандык коом уюмдарынын чөйрөсүндө өзүнөн өзү кайра өндүрүлгөн антикоррупциялык контенттин пайда болушу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жаратуу.
  - *Негизги аспап долбоордун алкагында иштелип чыккан "Өз укуктарыңды кантип коргоп, интернет түйүнүн пайдалануу менен аткаминерлердин жүрүм-турумундагы коррупциялык көрүнүштөр тууралуу кантип жар салса болот" аттуу окуу куралы (нускама) (жумушчу версиясын төмөнкү шилтемеден көрө аласыз:* http://dpi.kg/ru/news/full/788.html*), ошондой эле коррупцияга каршы вирустук тасмалар (жу-*

*мушчу версиясын төмөнкү шилтемеден көрүңүз:*https://www.facebook.com/photo.php?v=1430402120554389) *болуп калды.*

– *Бул тапшырманы аткаруунун ийгилигин тастыктаган маанилүү белги – коррупцияга каршы күрөш боюнча жарандык демилгелерди колдоого интернет аркылуу ишкерлер ниетин билдиришти:*

- Массалык коммуникациялык каналдар аркылуу коомдук пикирге таасир этүүнүн түрдүү усулдарын апробациялоо, пилоттоо.

– *Долбоордун алкагында коммуникациялык иштердин түрдүү усулдары пайдаланылды: Кыргызстан боюнча авторлордон 300дөн ашуун иштерди чогулта алган плакаттар сынагы; 85 катышуучунун башын бириктирген студенттер үчүн "чагымчыл дарстар"; 8 пресс-сессия; 40 катышуучудан 200дөн ашуун макаланы чогулткан журналисттер үчүн сынак; 10 телевизиондук жана радио берүүлөр; интернет аркылуу антикоррупциялык үгүттү илгерилетүү боюнча комплаенс-офицерлер үчүн тренинг; мамлекеттик кызматчылар үчүн антикоррупциялык мектептин семинарларына катышуу; жана башкалар. Жалпысынан долбоордун иш-чараларына 500дөн ашык киши катышты. Тапшырма аткарылды.*

## Келечекте маалыматтык-түшүндүрүү өнөктүктөрүн өткөрүү үчүн мамлекеттик органдардын массалык коммуникацияларды пайдалануусу боюнча сунуштар

Өнөктүккө тартылган эксперттер командасынын баалоосу боюнча, убакытты, географиялык шарттарды жана өнөктүккө бөлүнгөн каражатты эсепке алган шарттарда мүмкүн болгон иштин баары жасалды. Бул өнөктүк буга чейинки коррупцияга каршы туруу боюнча башка өнөктүктөрдүн уландысы, башкача айтканда ишти улантуучулуктун бар экени жакшы болду. Ал кылдаат пландалып, экономикадагы, энергетикадагы, билим берүүдөгү, саламаттык сактоодогу ж.б. мамлекеттин турмуш тиричилигинин маанилүү жактарын камтыды.

Анткен менен акыркы жылдары "коррупция" түшүнүгү өтө көп колдонулгандыктан адамдарда белгилүү бир айыптоону жана нааразылыкты пайда кылуу менен, ал мурдагыдай кабыл алынбай жана таасири анча болбой калды. "Коррупция" сөзүн айтып коюу менен көйгөйдү чечүү мүмкүн эмес жана муну ага каршы турууга аракет кылгандардын баары унутпаш керек. ӨСИ консультанттары ошондой эле семинардын башка темаларын талкуулоого да катышты: "Мамлекеттин антикоррупциялык саясатын ишке ашыруу" жана "Мамлекеттик органдарда коррупциялык тобокелчиликтерди аныктоо, ошондой эле семинардын тыянактарын иштеп чыгуу механизмдери".

Эксперттер бүгүнкү күндө коррупцияга каршы күрөштө массалык коммуникацияларды натыйжалуу пайдаланууга бут тосуп жаткан негизги көйгөйлөрдү бөлүп карашат:

- Чабал фактологиялык база (коркунучтуу окуялар, күрөштүн чыныгы мисалдары жокко эсе, эч кимди түрмөгө отургузган жок – "колун кесип" салган жок). Мамлекет коррупцияга каршы иш жүзүндө чараларды колдонуп жатат деп коомду ишендирүүнү татаалдаштырууда.
- Коррупцияга каршы билдирүүлөргө таасирдүүлүк жана ишенимдүүлүк берип турган үзгүлтүксүз өлчөөлөр, жеке ишеним рейтингдери, кандайдыр бир башка сандык жана сапаттык маалыматтар жок. Мисалы, коррупция биздин мамлекетке жана коомго кандай зыян тийгизип жатканы тууралуу ачык жана ишенимдүү маалыматтар өтө аз.
- Антикоррупциялык контентти жараткан орган жок (ведомстволордогу резиденттер маселени чечпейт).
- Башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар менен отчеттуулугу жана байланышы үчүн жооптуу орган жок, Акыйкатчы институту, Эсеп палатасы, Жогорку Кеңештин мындагы аракети чабал.

Өзгөчө өлкөдө коррупция анын өнүгүүсүнө бут тоскон, жашоо образына айланган шарттарда дагы да туруктуу натыйжаларга жетүү үчүн коррупцияга каршы туруу боюнча өнөктүк үзгүлтүксүз болуш керек. Ал бирдиктүү ураан алдында, аны жалпысы ошол замат тааный тургандай өткөнү максатка ылайыктуу. Бул нерсе ушул өнөктүктө болгон жок. Өлкөдө коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча эксперттер жетишсиз болгону аныкталды. Мындай жарчылардын, үндөрдүн саны көп болушу үчүн алардын катарын кеңейтүү зарыл. Жаш аудитория менен ишти да кылдат ойлонуштуруу зарыл. Жаштар талкуу процессине тартылгысы келет, алардын да айтчу сөзү бар. Буга байланыштуу балким келечекте коррупцияга каршы туруу боюнча маалыматтык-билим берүүчү өнөктүктөрдө жаштар менен өз ара аракеттешүүнүн башка дагы жандуу жана заманбап формаларын караштыруу зарыл. Социалдык медиа боюнча окууларды улантуу керек, анткени алар келечекти аныктайт.

Коррупциягы каршы келечектеги маалымат өнөктүктөрүнө карата бир нече институционалдык сунуштар бар.

Натыйжалардын туруктуулугу боюнча сунуштар

- Коррупция менен күрөш жана отчеттуулук үчүн жооптуу орган болуш керек. Ал ошондой эле антикоррупциялык контентти жаратып, аны коммуникациялык чөйрөгө таштап турат (Экономика министрлиги көбүрөөк методоло-

гия менен алектенип, маалымат себептерин түзө албайт).

- Бул органдын антикоррупциялык коммуникациялык стратегиясы болушу керек

Антикоррупциялык маалымат стратегиясынын принциптери:

- Түрдүү булактардан (мамлекеттик коопсуздук кызматтардан жана соттордон тарта бейөкмөт уюмдар жана жарандардын кайрылууларына чейин) келген билдирүүлөрдү бириктирүү, аларды текшерүү жана ишенимдүүлүгүн күчөтүү, аларды коммуникациялык каналдар аркылуу жайылтуу.
- Коррупция жаман деп гана айта бербестен, ага каршы күрөштө эмнелер жасалып жатканы тууралуу айтуу (эгерде чындап иштер жасалса).
- Бириктирилген маалыматтардын базасында бутага так тийген кыска билдирүүлөрдү формулировкалоо. Мисалы: "Экзамен үчүн пара алууга аракеттенген жогорку окуу жайдын окутуучусунун үй-мүлкү конфискацияланып, 10 жылга эркинен ажырады" – ата-энелерден, студенттерден, соттон түшкөн бириктирилген билдирүү.
- Позитивдүү элестерди жокко чыгаруу, келүүшүчүлүк контент менен күрөшүү ("коррупция кызмат көрсөтүүлөргө жетүү ишин жөнөкөйлөштүрөт", "коррупция жашоону жеңилдетет", "коррупция – бул күлкү келтирген көрүнүш"). Бул коррупция келтирген зыян ал менен күрөшкө кеткен чыгашалардан ашпаган өлкөлөр үчүн гана мүмкүн. Бул жагынан алып караганда, талашсыз учур – сынакка берилген плакаттардын мүнөзү. Талаштуу учур – таракандар тууралуу тасма.
- Өзүнөн өзү кайра өндүрүлгөн контент, төмөндөгү схемада көрсөтүлгөндөй, жарандардын түздөн-түз жана бейөкмөт уюмдар аркылуу катышуусу. M

